Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

# Кыргыз Республикасынын
# төлөм теңдеми

**2013-жыл**

2014-жылдын май айы

Бишкек

РЕДАКЦИЯЛЫК
КЕҢЕШ:

| | |
|---|---|
| Төрага: | Жеенбаева Б. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Урустемов С. |
| | Исакова Г. |
| Жооптуу катчы: | Кудабаев К. |

## *Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми*

"Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми Кыргыз Ресупбликасынын Улуттук банкы тарабынан даярдалган. Төлөм теңдемин түзүүнүн мыйзамдык негизи болуп Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 29-июлундагы N59 "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамы жана Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2000-жылдын 3-ноябрындагы "Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминин статистикасын жакшыртуу боюнча чаралар жөнүндө" токтому саналат. Басылмада тышкы секторду өнүктүрүүдөгү акыркы тенденциялар чагылдырылат жана төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз жана эл аралык инвестициялык позициялар боюнча статистикалык маалыматтарды, ошондой эле төлөм теңдемин түзүүнүн маалыматтык базасын камтыйт. Басылма жылына 4 жолу - январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде чыгарылып турат.

Бул басылмада, эл аралык инвестициялар боюнча 2013-жыл үчүн маалыматтар алдын ала маалыматтар болуп саналат.

**Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2014-жылдын 20-майы**

### **Шарттуу белгилер**:

... маалыматтардын жок экендигин билдирет;
— көрсөткүчтөр 0 (нөлгө) барабар же мааниге ээ эмес экендигин билдирет;
- жылдар же айлар ортосундагы мезгил аралыгын (мисалы 1994 - 1996-жылдар же январь - июнь айлары) билдирет, бул жерде чектүү даталар аралыгындагы жылдар жана айлар камтылган.

Сандарды тегеректөөдөн улам, акыркы саптарда суммаларды чыгарууда дал келбестиктер болушу мүмкүн.

Басылмада пайдаланылуучу эсепке алуу ыкмаларынын же буга чейин колдонулуп келген маалыматтардын өзгөртүлүшү ыктымалдыгына байланыштуу, мурда келтирилген маалыматтар корректировкаланышы мүмкүн жана ага ылайык 10 жылды камтыган мезгил аралыгы "ачык" деп эсептелинет.
Басылмага байланыштуу суроолор боюнча:

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын
Төлөм теңдеми жана тышкы карыз бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т. Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(+996 312) 66-90-07, 66-90-56 телефондору
(+996 312) 61-52-85; 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: kkudabaev@nbkr.kg

Уюштуруучусу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде 605 номеринде каттоодон өткөрүлгөн.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2014-жыл.

Басылманы кайрадан басып чыгаруу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты менен жүзөгө ашырылат, ал эми андан шилтеме келтирүүдө булагын көрсөтүү зарыл.

ЖЧК "Позитив" полиграфия комплексинде басылып чыгарылды.
Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 147
Тел.: (+996 312) 47 79 38
e-mail: ph-positive@mail.ru

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***
Басылма Улуттук банктын өткөн жыл үчүн толук отчету болуп саналат. Ал өзүнө республиканын экономикалык өнүгүшү жана акча-кредит саясаты, финансылык отчеттуулук, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***
Бул маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү, экономикасынын сектору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама***
Басылма, республикадагы жана анын региондору боюнча керектөө бааларынын динамикасын, инфляциянын негизги факторлоруна жүргүзүлгөн анализдөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясат жагында кабыл алган чечимдери жөнүндөгү маалыматтарды камтуу менен кийинки мезгил аралыгына инфляциялык болжолдоолорду берет. Басылма чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***
Бул басылмада финансылык ортомчу катары Кыргыз Республикасынын банк тутумунун абалы, ошондой эле анын курамдык элементтери боюнча банк тутумунун туруктуулугуна жүргүзүлгөн иликтөөлөр сунушталат. Жарым жылдык негизде кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***
Республиканын коммерциялык банктарын жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик актылары жана банктын иши жөнүндөгү расмий маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын кеңири жайылтуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо, бул басылманын негизги максаты болуп саналат. Басылма айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***
Улуттук банкта болуп өткөн жаңылыктарды, финансы рыногунун негизги маалыматтарын камтыйт. Жума сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

Басылмалар Улуттук банктын Төрагасынын буйруусу менен бекитилген, Улуттук банктын тизмесине ылайык таркатылат жана Улуттук банктын Web-баракчасында http:\\www.nbkr.kg дареги боюнча жайгаштырылып келүүдө.

## Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси

| | |
|---|---|
| АКЖО | Акча-кредиттик жөнгө салуу органдары |
| АКУ | Атайын карыз алуунун укуктары |
| АКШ | Америка Кошмо Штаты |
| АӨБ | Азия өнүктүрүү банкы |
| БАЭ | Бириккен Араб Эмираттары |
| БК | Баалуу кагаздар |
| БФКМ | Банктык эмес финансы-кредит мекемелери |
| ДБ | Дүйнөлүк банк |
| ЖТК | Жалпы тышкы карыз |
| ИДӨ | Ички дүң өнүм |
| ИӨБ | Ислам өнүктүрүү банкы |
| КБ | Коммерциялык банктар |
| КМШ | Көзкарандысыз Мамлекеттердин Шериктештиги |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| МИП | Мамлекеттик инвестиция программасы |
| ЖМК | Жалпыга маалымдоо каражаттары |
| МТК | Мамлекеттик тышкы карыз |
| НЭАК | Номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| ОПЕК | Мунай Экспорттоочу өлкөлөрдүн Бирикмеси |
| ПРГФ | Жакырчылыкты азайтуу жана экономикалык өсүштү туруктуу абалга келтирүү механизми |
| РЭАК | Реалдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| СИФ | Импортер-өлкөнүн чек арасындагы баа |
| ТБЭС | Коммерциялык банктарда төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасы |
| ТИМ | Тышкы иштер министрлиги |
| ТК | Тышкы карыз |
| ТКМ | Транспорт жана коммуникация министрлиги |
| ТЭИТН | Тышкы экономикалык ишкердиктин товардык номенклатурасы |
| УСК | Улуттук Статистика комитети |
| ФМ | Финансы министрлиги |
| ФОБ | Экспортер-өлкөнүн чек арасындагы баа |
| ЭВФ | Эл аралык валюта фондусу |
| ЭИП | Эл аралык инвестициялык позиция |
| ЭСТК | Эл аралык стандарттык товардык классификация |

## МАЗМУНУ

**Төлөм теңдеминин учурдагы абалы** ........ 7
**Кыргыз Республикасынын тышкы карызы** ........ 28
**Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестициялык позициясы** ........ 34
**I тиркеме: Таблицалар жана графиктер** ........ 37
I.1-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (нейтралдуу берүүдө)........ 38
I.2-таблица. ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча экспорттун бөлүштүрүлүшү ........46
I.3-таблица. ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча экспорттун бөлүштүрүлүшү ........46
I.4-таблица. ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча импорттун бөлүштүрүлүшү ........47
I.5-таблица. ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча импорттун бөлүштүрүлүшү ........47
I.6-таблица. Экспорттун функционалдык бөлүштүрүлүшү ........48
I.7-таблица. Экспорттун географиялык бөлүштүрүлүшү ........48
I.8-таблица. Импорттун функционалдык бөлүштүрүлүшү ........49
I.9-таблица. Импорттун географиялык бөлүштүрүлүшү ........49
I.10-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн экспорту ........50
I.11-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн импорту ........52
I.12-таблица. Баа индекстери жана экспорттун физикалык көлөмү ........54
I.13-таблица. Баа индекстери жана импорттун физикалык көлөмү ........55
**Өлкөлөр боюнча экспорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү** ........56
I.14-таблица. Россияга товарлардын экспорту ........56
I.15-таблица. Казакстанга товарлардын экспорту ........57
I.16-таблица. Өзбекстанга товарлардын экспорту ........58
I.17-таблица. Беларусияга товарлардын экспорту ........59
I.18-таблица. Швейцарияга товарлардын экспорту ........60
I.19-таблица. Кытайга товарлардын экспорту ........61
I.20-таблица. Түркияга товарлардын экспорту ........62
I.21-таблица. БАЭге товарлардын экспорту ........63
I.22-таблица. Афганистанга товарлардын экспорту ........64
**Өлкөлөр боюнча импорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү** ........65
I.23-таблица. Россиядан товарлардын импорту ........65
I.24-таблица. Казакстандан товарлардын импорту ........66
I.25-таблица. Өзбекстандан товарлардын импорту ........67
I.26-таблица. Украинадан товарлардын импорту ........68
I.27-таблица. Беларусиядан товарлардын импорту ........69
I.28-таблица. Кытайдан товарлардын импорту ........70
I.29-таблица. АКШдан товарлардын импорту ........71
I.30-таблица. Германиядан товарлардын импорту ........72
I.31-таблица. Түркиядан товарлардын импорту ........73
I.32-таблица. Япониядан товарлардын импорту ........74
I.33-таблица. Корея Республикасынан товарлардын импорту ........75
I.34-таблица. Нидерланддан товарлардын импорту ........76
I.1-график. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси ........77
I.35-таблица. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекстери ........78
I.36-таблица. Кыргыз Республикасына тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсүнүн географиялык түзүмү ........80
I.37-таблица. Кыргыз Республикасына экономикалык иштин түрлөрү боюнча тике чет өлкө инвестициялары ........81
I.38-таблица. Эл аралык камдар ........81
I.39-таблица. Кыргыз Республикасынын чет өлкө активдеринин жана милдеттенмелеринин 2009-жылдан 2014-жылдын 1-январына карата абал боюнча динамикасы ........82
**II тиркеме: Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин түзүү ыкмасы** ........ 83
**III тиркеме: Төлөм теңдеминин «Кыдыруулар» статьясына баа берүүнүн ыкмасы** ........ 91
**IV тиркеме: Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсун эсептөө ыкмасы** ........ 92
**V тиркеме: Коммерциялык банктарда төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасы** ........ 96
**VI тиркеме: Кыргыз Республикасынын тышкы карызын мүнөздөөчү коэффициенттерди эсептөө ыкмасы** ........ 99
**VII тиркеме: Эл аралык инвестициялык позицияларды түзүү ыкмасы** ........ 101
**VIII тиркеме: Экономиканын ачыктыгын жана тышкы сооданын концентрациялануусун эсептөө ыкмасы** ........ 103

# ТӨЛӨМ ТЕҢДЕМИНИН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ

2013-жылдын жыйыктыктары боюнча төлөм теңдеминин жалпы сальдосу 287,6 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң түптөлгөн.

**1-график. Күндөлүк операциялар эсеби**
*ИДПга карата пайызда*




Отчеттук мезгил ичинде күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгы жогорку деңгээлде сакталып, 1 684,2 млн. АКШ долларын (ИДӨгө карата 23,4 пайызды) түзгөн. Күндөлүк эсептин терс сальдосу, капитал менен операциялардын жана финансылык операциялардын эсеби боюнча капиталдын 1 211,4 млн. АКШ доллар өлчөмүндө агылып кирүүсү менен каржыланган.

Улуттук банктын баалоосу боюнча күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгы Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алганда, 2013-жылдын жыйынтыгы боюнча 988,1 млн. АКШ долларын түзгөн, бул ИДӨгө карата 13,7 пайызын түзөт (25-беттеги кыстырманы карагыла).

## СООДА ТЕҢДЕМИ (БАЛАНС)[1]

Отчеттук мезгилде ФОБ баасындагы **тышкы соода жүгүртүү** 2012-жылга салыштырмалуу 7,6 пайызга көбөйүп, экспорт сыяктуу эле, импорттун көбөйүшүнүн эсебинен нарктык мааниде 7 662,0 млн. АКШ долларын түзгөн.

**2-график. Кыргыз Республикасынын соода балансы**
*ИДПга карата пайызда*




Экспорттун өсүшү көпчүлүк учурда алтын берүүнүн, реэкспорттун жана айыл чарба продукциясынын физикалык көлөмүнүн көбөйүүсүнүн эсебинен жүргөн. 2013-жыл үчүн экономиканын 10,5 пайызга өсүшү жана реалдуу алмашуу курсунун жогорулашы, импорт бөлүгүнүн көбөйүшүн стимулдаштырган. Импорттун тез өсүшү экспорттун өсүшүнөн ашып кеткендиктен, **соода теңдеминин** тартыштыгы 3 565,2 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2012-жылга караганда 11,0 пайызга көп.

Өлкөнүн товар жүгүртүлүшүнүн ИДӨгө карата катышы катары эсептелинген экономиканын ачык-айкындуулук көрсөткүчү 2012-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө карата 3,8 пайыздык пунктка төмөндөп, 106,2 пайызды түзгөн. Төмөндөө, ИДӨнүн өсүшүнө салыштырмалуу тышкы сооданын кыйла динамикалуу өсүшүнүн кесепетинен улам келип чыккан (импорттун ИДӨгө карата катышы 2,0 пайыздык пунктка төмөндөгөн, экспорттун ИДӨгө карата үлүшү 1,8 пайыздык пунктка төмөндөгөн).

[1] Графиктердеги жана таблицалардагы соода теңдеми боюнча маалыматтар "алып сатарлардын" соода жүргүзүүсүн эске алуу менен көрсөтүлгөн.

МАЗМУНУ

Тышкы соода операцияларынын товардык диверсификацияланышын мүнөздөгөн товарлар экспортунун жана импортунун товардык концентрациялануу көрсөткүчтөрүнө ылайык, 2013-жылы экспорттун товардык концентрациялануусу 7,1 пайыздык пунктка көбөйгөндүгү, ошол эле учурда импорттун товардык концентрациялануусу 0,1 пайыздык пунктка төмөндөгөндүгү байкалган. Бул, өлкөнүн экспорттук көлөмүндө алтын үлүшүнүн көбөйүүсүнө алып келген, ошол эле мезгилде импорттун товардык ассортименти анчалык олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон эмес.

**1-таблица. Тышкы сооданын товардык концентрациясы***
*(пайыздарда)*

| | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|
| Товарлардын экспорту | 42,4 | 46,6 | 51,4 | 35,1 | 42,2 |
| Товарлардын импорту | 15,1 | 14,4 | 14,1 | 14,5 | 14,4 |

* УСКнын маалымат базасында Улуттук банктын эсептөөлөрү, УСКнын жана Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда.

Улуттук статистика комитетинин жана Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен, ФОБ баасында товарлар экспорту 2012-жылга салыштырмалуу 4,8 пайызга жогорулап, 2 048,4 млн. АКШ доллар көлөмүндө (ИДӨгө карата 28,4 пайызда) түптөлгөн. Кошумча баа берүүлөрсүз товарлардын ФОБ баасындагы экспорту 1 790,5 млн. АКШ долларын түзгөн.

**2-таблица. Товарлардын негизги түрлөрүнүн экспорту***
*(млн. АКШ долларында)*

| Аталышы | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | экспортко карата, пайыздарда | алтынды эске албаганда экспортко карата, пайыздарда |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп экспорт** | **1 443,5** | **1 488,4** | **1 978,9** | **1 673,0** | **1 790,5** | **100,0** | — |
| Алтын | 529,5 | 668,3 | 1 006,2 | 562,3 | 736,8 | 41,1 | — |
| Авиакеросин[1] | 156,7 | 48,3 | 70,3 | 86,0 | 117,7 | 6,6 | 11,2 |
| Жашылчалар | 44,9 | 66,5 | 95,1 | 88,2 | 110,5 | 6,2 | 10,5 |
| Кийим-кечелер жана аларга тиешелүү буюмдар | 73,1 | 125,6 | 143,4 | 156,8 | 109,4 | 6,1 | 10,4 |
| Мөмө-жемиштер жана жаңгактар, жаңы жыйналган жана кургатылган | 30,1 | 33,0 | 39,2 | 55,5 | 54,4 | 3,0 | 5,2 |
| Жүк ташуу үчүн автомобилдер жана атайын багытка каралган автомобилдер | 11,8 | 5,4 | 22,3 | 80,3 | 30,7 | 1,7 | 2,9 |
| Башка органикалык эмес заттар | 250,4 | 157,2 | 27,6 | 36,4 | 28,9 | 1,6 | 2,7 |
| Электр тогу | 39,3 | 48,4 | 80,4 | 46,1 | 20,5 | 1,1 | 1,9 |
| Пахта | 21,6 | 27,8 | 31,0 | 33,9 | 19,9 | 1,1 | 1,9 |
| Баалуу металл кени жана алардын концентраттары | 2,5 | 0,9 | 17,8 | 56,2 | 18,9 | 1,1 | 1,8 |
| Майдан жана сырдан тышкары, сүт, каймак, сүт азыктары | 16,3 | 23,6 | 23,4 | 21,0 | 12,0 | 0,7 | 1,1 |
| Башка товарлар | 267,4 | 283,3 | 422,2 | 450,3 | 530,9 | 29,6 | 50,4 |
| **Алтынды эске албаганда, бардыгы болуп экспорт** | **914,1** | **820,1** | **972,7** | **1 110,7** | **1 053,8** | — | **100,0** |

* ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСК баа берүүлөрүн эске албаганда
[1] Борт запастарды чыгаруу

Экспорттун алгылыктуу динамикасы алтын, айыл чарба продукциясы жана мунайзаттары сыяктуу товарларды берүүнүн көбөйүшү менен шартталган, бул ата мекендик экспорттун начар

МАЗМУНУ

диверсификацияланышы проблемасынын сакталып калгандыгын тастыктаарын белгилей кетүү зарыл. **Алтынды эске алуусуз экспорт** 1 053,8 млн. АКШ долларын[2] түзгөн, бул 2012-жылдын көрсөткүчүнөн 5,1 пайызга төмөн.

Экспорт көлөмүнүн эң эле олуттуу кыскарышы төмөнкү товарлар боюнча байкалган: "Кийим-кечелер жана ага тиешелүү буюмдар", "Жүк ташуу үчүн каралган автоунаалар жана атайы багытта колдонулуучу автоунаалар", "Кендер жана баалуу металлдардын концентраттары", "Электр тогу" жана "Пахта". Аталган тенденция, негизинен, жеңил өнөр жай, электр энергиясын өндүрүү жана бөлүштүрүү, металл кендерин казып алуу сыяктуу экономиканын экспортко багытталган мындай тармактарында өндүрүү көлөмдөрүнүн төмөндөөсү менен шартталган. Ата мекендик тигүү продукциясына тышкы рыноктордо суроо-талаптын төмөндөөсү башка мүмкүн болуучу фактордон болгон.

Кыргыз Республикасынын экспортун тармактар боюнча бөлүштүрүүдө **кайра иштетүү өнөр жайы** (металлургия, текстиль жана тигүү өндүрүшү) жана **айыл чарба** продукциясы олуттуу бөлүктү ээлейт. Баалуу металлдарды өндүрүүнүн калыбына келишинин эсебинен **металлургия продукцияларын** өндүрүүнүн 1,9 эсеге[3] өсүшү, алтын экспортунун көлөмүнө оң таасирин тийгизген. Алтынга дүйнөлүк баанын төмөндөп кетишине байланыштуу, экспорт баасы да 19,5 пайызга төмөндөгөн, бирок алтынды ташып кетүүнүн айкын көлөмүнүн 62,7 пайызга көбөйүүсү, алтынды ташып кетүүнүн нарктык көлөмүнүн өсүшүнө алып келген. Чоюн жана болот экпортунун 37,6 пайызга (анын 80,0 пайызы реэкспорт болуп саналат) жана ар кандай баалуу эмес металлдардын 39,9 пайызга көбөйүүсү да байкалган.

**3-таблица. Металлургия өндүрүшүнүн негизги экспорттук продукциясы***

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Алтын | *т* | 16,3 | 17,1 | 20,2 | 10,4 | 16,9 |
| | *млн. АКШ долл.* | 529,5 | 668,3 | 1 006,2 | 562,3 | 736,8 |
| Чоюн жана болот | *миң т* | 3,0 | 17,0 | 26,4 | 28,9 | 39,7 |
| | *млн. АКШ долл.* | 1,1 | 5,5 | 17,9 | 26,3 | 36,2 |
| Ар түрдүү баалуулукка жатпаган металлдар | *миң т* | 0,9 | 0,8 | 0,7 | 1,1 | 2,0 |
| | *млн. АКШ долл.* | 4,7 | 6,8 | 9,2 | 10,7 | 15,0 |
| Башка категорияда камтылбаган, баалуулукка жатпаган түстүү металл сыныктары жана калдыктары | *миң т* | 4,7 | 8,6 | 9,6 | 11,7 | 14,5 |
| | *млн. АКШ долл.* | 1,7 | 3,9 | 8,6 | 12,1 | 11,6 |
| Металл сыныктары жана кара металл калдыктары | *миң т* | 56,6 | 103,8 | 145,4 | 90,0 | 61,0 |
| | *млн. АКШ долл.* | 3,1 | 6,3 | 12,4 | 7,8 | 5,0 |
| Баалуу металлдан жасалган зер буюмдар жана алардын тетиктери | *млн. АКШ долл.* | 1,9 | 0,5 | 3,2 | 3,3 | 1,6 |

* ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСКнын баа берүүлөрүн эске албаганда

2013-жылы Кыргыз Республикасынын[4] аймагына айрым товарларды ташып келүү эрежелеринин өзгөрүүсүнөн жана чет өлкөлүк сатуу рынокторунда тигүү тармагынын продукциясына суроо-талаптын төмөндөөсүнөн улам, **текстиль жана тигүү тармагынын** өндүрүш көлөмүнүн[5] жана

[2] Улуттук банктын жана Улуттук Статистика комитетинин кошумча баа берүүлөрүсүз, ФОБ бааларында; Улуттук банктын жана УСКнын кошумча баа берүүлөрү боюнча, алтынды эске алуусуз экспорт 1 311,8 млн. АКШ долларын түзгөн.

[3] "Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы (2013-ж. январь-декабрь айлары)", Кыргыз Республикасынын Улуттук Статистика комитети.

[4] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 17-августундагы N573 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтомуна ылайык, товарлардын айрым түрлөрүн жерде жүрүүчү транспорт каражаттары менен ташып келүүдө бажы алымдарынын жана салыктардын бирдиктүү чени 1 кг үчүн 0,15 АКШ долларынан 0,35 долларга чейин жогорулатылган.

[5] Улуттук Статистика комитетинин маалыматтары боюнча, 2013-жылдын январь-декабрь айларында текстиль жана тигүү өндүрүшүнүн көлөмү 16,5 пайызга кыскарган.

продукциясынын экспортунун төмөндөөсү байкалган. Алсак, отчеттук мезгил ичинде кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар экспортунун көлөмү 109,4 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2012-жылы жетишилген деңгээлден 30,2 пайызга төмөн. Тармакта экспорттун олуттуу төмөндөшү, товарлардын көрсөтүлгөн топторунун эң ири – "аялдар жана кыздар үчүн тигилген кийимдер" статьясы боюнча байкалган (27,8 пайызга же 26,7 млн. АКШ долларга кыскарган). Бул товарлар экспортунун кыскарышы берүүлөрдүн айкын көлөмүнүн (тиешелүүлүгүнө жараша 22,1 жана 7,4 пайызга) төмөндөшүнөн эсебинен жүргөн. Тигүү тармагынын башка товарларынын экспортунун көлөмү да кыскарган, мында көрсөтүлгөн товарларды берүүлөрдүн айкын көлөмүнүн кыскаруусу орточо экспорттук баалардын төмөндөөсү менен коштолгон.

**4-таблица. Тигүү өндүрүшүнүн негизги экспорттук продукциясы***

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кийим-кечелер жана аларга тиешелүү буюмдар баардыгы болуп** | *млн. АКШ долл.* | **73,1** | **125,6** | **143,4** | **156,8** | **109,4** |
| Аялдар жана кыздар үчүн текстиль | *млн.даана* | 31,6 | 43,4 | 42,4 | 60,5 | 56,0 |
| кездемелеринен тигилген кийим-кечелер | *млн. АКШ долл.* | 57,2 | 82,0 | 84,2 | 96,0 | 69,3 |
| Токулган же токулбаган, согулган же согулбаган кийим-кечелерге тиешелүү буюмдар | *млн. АКШ долл.* | 4,7 | 10,8 | 13,0 | 20,8 | 14,3 |
| Эр адамдар жана балдар үчүн текстиль | *млн.даана* | 4,1 | 7,2 | 7,5 | 10,2 | 8,3 |
| материалдарынан тигилген кийим-кечелер | *млн. АКШ долл.* | 6,6 | 13,7 | 19,2 | 17,6 | 13,8 |
| Эр адамдар жана балдар үчүн токулган же | *млн.даана* | 0,4 | 2,9 | 3,4 | 8,0 | 6,7 |
| согулган кийим-кечелер | *млн. АКШ долл.* | 0,3 | 2,3 | 2,0 | 4,4 | 2,6 |
| Текстиль кездемелеринен даярдалган, трикотаж же трикотаж эмес кийим-кечелерге тиешелүү буюмдар | *млн. АКШ долл.* | 1,4 | 3,0 | 3,3 | 5,7 | 2,5 |
| Башка кийим-кечелер жана аларга тиешелүү буюмдар | *млн. АКШ долл.* | 7,6 | 24,6 | 34,6 | 33,1 | 21,3 |

* ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСКнын баа берүүлөрүн эске албаганда

2013-жыл жыйынтыгы боюнча айыл чарба продукциясын өндүрүп алуунун реалдуу өсүшү 2,9 пайызды[6] түзгөн, бул негизинен, өсүмдүк өстүрүүдөн алынган продукцияларды өндүрүүнүн жогорулоосу менен шартталган. Ыңгайлуу климаттык шарттар, айкын көлөмдүн эсебинен экспорттун көбөйүүсүн шарттаган. Отчеттук мезгил ичинде жашылча жана мөмө-жемиштер экспорту 15,0 пайызга (же 21,8 млн. АКШ долларына), тирүү жандыктардын экспорту 30,8 пайызга (же 2,5 млн. АКШ долларына), эт жана эт азыктарын – 18,3 пайызга (же 1,1 млн. АКШ долларына) өскөн. Ушуну менен бирге эле, 2012-жылдын октябрь айында күчүнө кирип, 2013-жылдын жарым жылынан ашык колдонулган Бажы бирлигинин аймагында сүт азыктарын алып кирүүгө тыюу салуулар жана ага байланыштуу сүт азыктарын алып чыгуунун көлөмүнүн олуттуу төмөндөшү (43,0 пайызга же 9,0 млн. АКШ долларына кыскаруу) себеп болгон. Отчеттук мезгил ичинде айдоо аянттарынын кыскарышына байланыштуу, пахта экспортунун төмөндөөсү да байкалган. Белгиленген товарлар экспортунун төмөндөөсү, эң башкысы, ташып кетүүнүн айкын көлөмүнүн төмөндөшүнөн улам келип чыккан.

[6] "Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы (2013-ж. январь-декабрь айлары)", Улуттук Статистика комитети.

**5-таблица. Айыл чарбасынын негизги экспорттук продукциясы***

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жаңы үзүлгөн, тоңдурулган же консервацияланган жашылчалар | *миң т* | 124,3 | 276,3 | 299,5 | 227,6 | 244,8 |
| | *млн. АКШ долл.* | 44,9 | 66,5 | 95,1 | 88,2 | 110,5 |
| Мөмө-жемиштер, жаңгактар | *миң т* | 100,8 | 93,8 | 83,9 | 89,9 | 92,5 |
| | *млн. АКШ долл.* | 30,1 | 33,0 | 39,2 | 55,5 | 54,4 |
| Пахта | *миң т* | 22,1 | 19,8 | 21,2 | 26,9 | 15,5 |
| | *млн. АКШ долл.* | 21,6 | 27,8 | 31,0 | 33,9 | 19,9 |
| Даяр эмес тамеки; тамеки калдыктары | *миң даана* | 4,9 | 6,8 | 4,4 | 3,6 | 3,9 |
| | *млн. АКШ долл.* | 14,2 | 21,1 | 13,1 | 12,0 | 14,3 |
| Майдан жана сырдан тышкары, сүт, каймак, сүт азыктары | *миң т* | 23,4 | 31,7 | 24,6 | 25,1 | 12,8 |
| | *млн. АКШ долл.* | 16,3 | 23,6 | 23,4 | 21,0 | 12,0 |
| Тирүү малдар | *миң т* | 37,3 | 24,9 | 41,4 | 27,6 | 481,9 |
| | *млн. АКШ долл.* | 4,6 | 3,5 | 7,7 | 8,2 | 10,7 |
| Эт жана эт азыктары | *миң т* | 0,5 | 1,1 | 0,3 | 0,6 | 0,7 |
| | *млн. АКШ долл.* | 1,3 | 6,2 | 2,6 | 6,1 | 7,2 |
| Ири мүйүздүү мал терилери жана иштетилбеген булгаары | *млн. т* | 0,3 | 0,3 | 1,2 | 1,2 | 1,3 |
| | *млн. АКШ долл.* | 1,3 | 0,8 | 3,6 | 4,7 | 3,6 |

* ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСКнын баа берүүлөрүн эске албаганда

Отчеттук мезгил ичинде экспорттун 13,1 пайызы каттоого алынган **реэкспорт**[7] менен камсыздалган, анын негизги үлүшүн машиналардын ар кандай түрлөрү, жабдуулар жана аларга керектүү тетиктер, башка органикалык эмес заттар, керектөө товарлары жана башка продукциянын түрлөрү түзгөн. 2012-жылы бардык реэкспорттун жана башка органикалык эмес заттардын 32,4 пайызын түзгөн, ошондой эле жүк ташуу үчүн каралган автоунааларды жана атайы багытта колдонулган автоунааларды берүүлөр төмөндөгөндүгүнө байланыштуу, 2013-жыл ичинде реэкспорт 4,7 пайызга кыскарган.

**6-таблица. Товарлардын негизги түрлөрүнүн реэкспорту***
*(млн. АКШ долл.)*

| Аталышы | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Реэкспорт, бардыгы болуп** | 349,8 | 190,7 | 139,6 | 245,4 | 233,9 |
| Чоюн жана болот | — | 0,1 | 10,2 | 18,3 | 28,9 |
| Башка органикалык эмес химиялык заттар | 137,7 | 128,2 | 25,4 | 36,4 | 28,9 |
| Жүк ташуу үчүн автоунаалар жана атайын багытка каралган автоунаалар | 10,6 | 4,9 | 21,1 | 79,4 | 27,8 |
| Автоунаа тетиктери жана ага тиешелүү буюмдар | 4,0 | 7,5 | 17,9 | 24,5 | 27,2 |
| Резина дөңгөлөктөрү | 6,9 | 0,7 | 10,2 | 11,2 | 25,9 |
| Жеңил автоунаалар жана адам ташууга багытталган транспорт каражаттары | 0,3 | 1,1 | 4,9 | 4,5 | 10,4 |
| Кол жана машина менен иштетүүчү инструменттер | 0,1 | 0,1 | 9,3 | 6,6 | 6,4 |
| Учуучу аппараттар жана аларга байланыштуу жабдуулар | 2,9 | 1,7 | 2,7 | 7,6 | 5,3 |
| Бульдозерлер, грейдерлер жана өзү жүрүүчү тегиздегичтер | 0,2 | 0,1 | — | 3,4 | 4,4 |
| Жер семирткичтер | — | 0,1 | 4,0 | 5,2 | 3,9 |
| Кофе, чай, какао жана алар аралаштырып жасалган таттуу азыктар | 2,1 | 2,0 | 3,4 | 3,4 | 1,1 |
| Жылуулук алмаштыргычтар | — | — | — | 3,1 | 0,2 |
| Башка товарлар | 185,3 | 44,3 | 30,4 | 41,6 | 63,5 |

* ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСКнын баа берүүлөрүн эске албаганда

[7] Реэкспорт – бул, чет өлкөдө өндүрүлгөн (буга чейин башка өлкөлөрдө өндүрүлгөн жана мурда импорттолгон) товарларды өлкөдөн чыгарып кетүү, б.а. алгач импорттолгон абалына салыштырганда эч кандай олуттуу өзгөртүүлөрсүз буга чейин алынып келинген товарлар.

МАЗМУНУ

Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча экспорттун географиялык түзүмүндө олуттуу өзгөрүүлөр болгон эмес. Экспорттун жалпы көлөмүндө Россия, Швейцария жана Кытай сыяктуу өлкөлөрдүн үлүшүнүн кыскаруусу, экспорттун географиялык концентрациялануусунун 2012-жылга салыштырганда 3,6 пайыздык пунктка төмөндөгөндүгүнөн улам болгон.

**7-таблица. Экспорттун географиялык концентрациясы***

*(пайыздарда)*

| | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|
| Экспорт | 39,8 | 40,1 | 49,9 | 44,3 | 40,7 |
| КМШ | 55,0 | 61,6 | 56,4 | 56,4 | 57,5 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 54,0 | 51,9 | 72,8 | 69,3 | 57,2 |

* УСКнын маалыматтарынын негизинде Улуттук банктын эсептөөлөрү, УСКнын жана Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда

**Географиялык түзүмгө ылайык**, 2013-жылы Бажы бирлигинин өлкөлөрү: Россия Федерациясы, Казакстан жана Беларусь, Кыргыз Республикасынын башкы соода өнөктөшү бойдон калган, чогуу алганда экспорттун 31,4 пайызы жогоруда аталган өлкөлөргө туура келет. Экспорттун жалпы көлөмүндө Швейцариянын салыштырма салмагы 28,7 пайызды түзөт. Бириккен Араб Эмиратына алтын экспорту өлкө экспортунун 12,4 пайызын камсыздаган. Алтынды эске албагандагы товарлардын айрым түрлөрүн географиялык бөлүштүрүлүшү, ата мекенде өндүрүлгөн товарлардын КМШ өлкөлөрүнүн негизги рыноктогунда сатып өткөрүлгөндүгүн тастыктайт. Мында, жогорку географиялык концентрациялануу, мурдагыдай эле, ири экспорттук товарларга мүнөздүү.

**8-таблица. Товарлардын айрым түрлөрүнүн экспортунун географиялык түзүмү***
*(млн. АКШ долл.)*

| Товарлардын аталыштары | Мамлекеттер | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2013-ж. жыйынт. карата, пайыздарда |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Алтын** | **Бардыгы болуп** | **529,5** | **668,3** | **1 006,2** | **562,3** | **736,8** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Швейцария | 443,0 | 386,3 | 867,5 | 544,7 | 510,7 | 69,3 |
| | БАЭ | 86,5 | 282,0 | 137,3 | 0,1 | 206,5 | 28,0 |
| | Британ-Виргиния аралдары | — | — | — | 12,9 | 11,4 | 1,5 |
| | Бельгия | — | — | 0,5 | 4,5 | 7,7 | 1,0 |
| **Авиакеросин** | **Бардыгы болуп** | **156,7** | **48,3** | **70,3** | **86,0** | **117,7** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Россия | 13,6 | 18,7 | 32,1 | 41,8 | 53,1 | 45,2 |
| | Түркия | 9,3 | 8,3 | 12,2 | 12,9 | 21,2 | 18,0 |
| | Кытай | 1,6 | 1,8 | 4,1 | 7,4 | 8,8 | 7,5 |
| | БАЭ | 10,0 | 13,3 | 7,2 | 6,8 | 7,3 | 6,2 |
| | Германия | 0,2 | 0,4 | 0,6 | 4,5 | 5,7 | 4,8 |
| **Жаңы үзүлгөн, тоңдурулган же консервацияланган жашылчалар** | **Бардыгы болуп** | **44,9** | **66,5** | **95,1** | **88,2** | **110,5** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Түркия | 21,0 | 21,2 | 34,1 | 26,3 | 50,6 | 45,8 |
| | Казакстан | 0,4 | 16,5 | 33,7 | 36,1 | 32,7 | 29,6 |
| | Болгария | 3,4 | 5,0 | 6,2 | 7,6 | 8,5 | 7,7 |
| | Россия | 15,1 | 17,2 | 13,5 | 7,1 | 4,5 | 4,1 |
| **Кийим-кечелер жана аларга тиешелүү буюмдар** | **Бардыгы болуп** | **73,1** | **125,6** | **143,4** | **156,8** | **109,4** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Казакстан | 0,4 | 0,3 | 6,8 | 81,2 | 105,2 | 96,1 |
| | Россия | 71,4 | 124,0 | 135,6 | 75,3 | 3,8 | 3,5 |
| | Кытай | 0,2 | 0,3 | 0,2 | 0,1 | 0,1 | 0,1 |
| | БАЭ | 0,2 | 0,1 | 0,1 | — | 0,1 | 0,1 |
| **Мөмө-жемиштер, жаңгактар, жаңы жыйналып алынгандары жана кургатылгандар** | **Бардыгы болуп** | **30,1** | **33,0** | **39,2** | **55,5** | **54,4** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Казакстан | 0,2 | 8,6 | 25,4 | 44,6 | 41,8 | 76,9 |
| | Кытай | 0,4 | 0,5 | 0,2 | 0,5 | 3,5 | 6,4 |
| | Иран | 2,7 | 3,4 | 5,1 | 1,8 | 2,7 | 5,0 |
| **Жүк ташуу үчүн автоунаалар жана атайын багытка каралган** | **Бардыгы болуп** | **11,8** | **5,4** | **22,3** | **80,3** | **30,7** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Өзбекстан | 9,3 | 3,4 | 20,8 | 78,3 | 23,3 | 75,7 |
| | Казакстан | 0,6 | 0,5 | 0,6 | 0,2 | 3,6 | 11,6 |
| **Башка органикалык эмес заттар** | **Бардыгы болуп** | **250,4** | **157,2** | **27,6** | **36,4** | **28,9** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Казакстан | 17,8 | 10,1 | 27,6 | 36,4 | 28,9 | 100,0 |
| | Франция | 180,8 | 36,9 | — | — | — | — |
| | АКШ | 37,1 | 90,0 | — | — | — | — |
| | Канада | 14,7 | 13,8 | — | — | — | — |
| **Электр тогу** | **Бардыгы болуп** | **39,3** | **48,4** | **80,4** | **46,1** | **20,5** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Казакстан | 39,1 | 48,3 | 68,9 | 38,2 | 20,5 | 99,9 |
| **Пахта** | **Бардыгы болуп** | **21,6** | **27,8** | **31,0** | **33,9** | **19,9** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Россия | 16,5 | 19,9 | 27,4 | 27,2 | 12,8 | 64,1 |
| | Түркия | 2,7 | 4,9 | 1,4 | 4,9 | 6,1 | 30,9 |
| **Баалуу металл кендери жана алардын концентраттары** | **Бардыгы болуп** | **2,5** | **0,9** | **17,8** | **56,2** | **18,9** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Казакстан | — | — | 7,7 | 25,4 | 17,4 | 92,1 |

* УСКнын маалыматтары, ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСКнын баа берүүлөрүн эске албаганда

МАЗМУНУ

Товарлардын ФОБ баасындагы **импорту** 2013-жыл жыйынтыгы боюнча 8,7 пайызга өсүп, 5 613,6 млн. АКШ долларын (ИДӨгө карата 77,8 пайызды) түзүү менен акыркы жылдардын ушул эле мезгилиндеги максимумга жеткен.

**9-таблица. ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча импорттун бөлүштүрүлүшү***
*(салыштырма салмак, пайыздар)*

| | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |
| Машиналар жана транспорттук жабдуулар | 19,9 | 21,5 | 22,7 | 24,3 | 24,6 |
| Минерал отуну, майлоочу майлар жана ушундай эле материалдар | 26,4 | 26,5 | 22,8 | 21,5 | 21,8 |
| Материалдын түрү боюнча классификацияланган өнөр жай товарлары | 15,2 | 14,2 | 15,6 | 15,7 | 17,3 |
| Тамак-аш азыктары жана тирүү малдар | 12,7 | 12,7 | 12,7 | 10,7 | 10,6 |
| Башка категорияда камтылбаган химиялык заттар жана ушундай эле продуктылар | 11,0 | 10,6 | 11,1 | 10,1 | 10,7 |
| Ар кандай даяр буюмдар | 9,1 | 8,6 | 9,2 | 9,0 | 8,9 |
| Суусундуктар жана тамеки | 2,6 | 2,7 | 2,5 | 5,2 | 2,3 |
| Отундан  тышкары, азык-түлүк болбогон чийки заттар | 1,9 | 1,7 | 2,0 | 2,0 | 2,3 |
| Малдын жана өсүмдүк майлары, тоң майлар жана мом | 1,2 | 1,5 | 1,4 | 1,1 | 1,1 |
| ЭСТКнын башка катег. кирбеген тов-р жана опер-лар | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,4 | 0,3 |

* УСКнын маалыматтары, СИФ баасында

Отчеттук мезгил ичинде импорттун **товардык түзүмүндө** машиналар жана транспорттук жабдуулар олуттуу салыштырма салмакты ээлешкен (24,6 пайыз). Көрсөтүлгөн топтун товарларын ташып келүүнүн нарктык көлөмү 10,4 пайызга өсүп, 1 494,6 млн. АКШ долларына жеткен.

Мурда колдонулган автоунаалардын, жеңил автоунаалардын жана эл ташуу үчүн каралган транспорт каражаттарынын, сүйрөөчү тракторлордун жана жол курууда иштетилүүчү трейлерлердин импортунун көбөйүүсү, ушул топтун өсүшүнө негизги таасирди тийгизген (өсүш, тиешелүүлүгүнө жараша – 25,7 пайызга, 2,4 эсеге жана 65,6 пайызга). Мында, жүк ташуу үчүн каралган автоунааларды жана атайын багытта колдонулган автоунааларды ташып келүү 41,9 пайызга (же 79,6 млн. АКШ долларына) кыскарган, бул товарлардын көрсөтүлгөн тобунун чогуу алгандагы импорт көлөмүнүн өсүшүнө токтотуучу таасирин тийгизген.

Ушул топтун жүк ташуу үчүн каралган автоунаалары, атайы багытта колдонулуучу автоунаалар, жеңил автоунаалар, аларга тиешелүү тетиктер, учуучу аппараттар жана аларга байланыштуу жабдуулар сыяктуу айрым товарлары андан ары реэкспорттоо үчүн алынып келээрин да белгилеп кетүү зарыл.

**10-таблица. "Машиналар жана транспорттук жабдуулар" тобунун негизги товарлары***

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | **млн. АКШ долл.** | **604,4** | **691,9** | **968,5** | **1 354,1** | **1 494,6** |
| Мурда пайдаланууда болгон жеңил автоунаалар | *миң даана* | 27,9 | 26,7 | 53,7 | 69,6 | 87,5 |
| | *млн. АКШ долл.* | 99,8 | 103,4 | 214,7 | 279,6 | 313,4 |
| Жүк ташуу үчүн автомобилдер жана атайын багытка каралган автомобилдер | *миң даана* | 1,9 | 1,7 | 3,4 | 5,2 | 5,0 |
| | *млн. АКШ долл.* | 47,7 | 78,3 | 92,4 | 189,7 | 110,2 |
| Жарымтрейлер үчүн жол унаалары | *миң даана* | 0,2 | 0,2 | 1,1 | 2,0 | 1,8 |
| | *млн. АКШ долл.* | 4,1 | 6,0 | 21,1 | 39,4 | 65,3 |
| Электр линиялык телефон же телеграф аппараттары | *млн. даана* | 0,3 | 1,5 | 2,1 | 1,6 | 1,8 |
| | *млн. АКШ долл.* | 30,5 | 51,5 | 100,4 | 67,8 | 63,9 |
| Автоунаа тетиктери жана ага тиешелүү буюмдар | *млн. АКШ долл.* | 36,7 | 32,5 | 33,8 | 49,6 | 63,7 |
| Мурда пайдаланууда болгон жүк ташуучу автоунаалар | *миң даана* | 2,8 | 1,9 | 4,1 | 7,6 | 8,6 |
| | *млн. АКШ долл.* | 12,3 | 16,0 | 27,4 | 54,6 | 60,8 |
| Трансформаторлор, электрдик | *миң даана* | 4,2 | 5,6 | 2,7 | 4,2 | 2,7 |
| | *млн. АКШ долл.* | 3,4 | 12,8 | 6,0 | 38,9 | 52,2 |
| Жеңил автоунаалар жана адам ташууга багытталган трансп. каражаттар | *миң даана* | 0,8 | 0,9 | 1,3 | 1,3 | 2,6 |
| | *млн. АКШ долл.* | 14,4 | 16,5 | 22,1 | 19,7 | 47,1 |
| Механикалык күрөктөр, экскаваторлор, өзү жүрүүчү сузгуч жүктөгүчтөр | *даана* | 276,0 | 154,0 | 227,0 | 463,0 | 818,0 |
| | *млн. АКШ долл.* | 16,1 | 24,2 | 21,1 | 43,1 | 39,5 |
| Учуучу аппараттар жана аларга байланыштуу жабдуулар | *млн. АКШ долл.* | 14,7 | 5,1 | 35,5 | 29,5 | 38,7 |
| Изоляцияланган электр өткөрмөлөрү, кабель | *миң даана* | 2,9 | 2,1 | 2,8 | 5,5 | 5,8 |
| | *млн. АКШ долл.* | 10,6 | 9,9 | 13,1 | 29,4 | 32,1 |
| Жарандык курулуш үчүн машиналардын жана жабдуулардын башка категорияда камтылбаган тетиктери | *миң даана* | 1,6 | 1,6 | 2,6 | 2,5 | 2,5 |
| | *млн. АКШ долл.* | 20,3 | 18,9 | 34,0 | 35,6 | 28,0 |
| Башка товарлар | *млн. АКШ долл.* | 293,8 | 316,8 | 346,7 | 477,1 | 579,9 |

* УСКнын маалыматтары, СИФ баасында

2013-жылы товарлар импортунда "минерал отуну, майлоочу майлар жана ушундай эле материалдар" тобунун салыштырма салмагы 21,8 пайызды (суммардык мааниде алганда 1 326,0 млн. АКШ долларды) түзгөн. Ушул топто басымдуу салыштырма салмакты мунайзаттары ээлейт.

Отчеттук мезгил ичинде мунайзаттарын ташып келүү көлөмүнүн 12,4 пайызга көбөйгөндүгү байкалган. Мындай өсүш, 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырмалуу ташып келүүнүн айкын көлөмүнүн 17,3 пайызга көбөйүүсүнүн эсебинен жүргөн, ошол эле учурда ташылып келинген мунайзаттарынын орточо контракттык баалары 4,2 пайызга төмөндөгөн. Мунайзаттары импортунун өсүшүнө дизель отуну жана автоунаа бензини негизги салым кошкон, аларды ташып келүү көлөмү тиешелүүлүгүнө жараша 21,1 жана 10,9 пайызга көбөйгөн (абсолюттук мааниде алганда тиешелүүлүгүнө жараша 77,5 жана 56,0 млн. АКШ долларына). Отчеттук мезгил ичинде жаратылыш газын сунуштоо 19,1 пайызга төмөндөгөн, ошол эле учурда көмүр сунушу 29,1 пайызга жогорулаган.

**11-таблица. Мунайзаттардын импорту***
*(млн. АКШ долл.)*

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | бардыгы, пайыздарда |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Мунайзаттар, бардыгы болуп** | ***миң т*** | **1 570,9** | **1 189,3** | **1 196,0** | **1 401,4** | **1 643,4** | **100,0** |
| | ***млн. АКШ долл.*** | **707,1** | **752,1** | **864,2** | **1 069,1** | **1 201,3** | **100,0** |
| Автоунаа бензини | *миң т* | 523,3 | 423,8 | 558,7 | 709,6 | 840,4 | 51,1 |
| | *млн. АКШ долл.* | 249,2 | 295,2 | 393,6 | 515,6 | 571,5 | 47,6 |
| Дизель отуну | *миң т* | 220,0 | 247,9 | 354,1 | 468,5 | 587,4 | 35,7 |
| | *млн. АКШ долл.* | 91,9 | 148,7 | 268,5 | 367,3 | 444,9 | 37,0 |
| Авиакеросин | *миң т* | 630,3 | 320,9 | 117,6 | 102,1 | 125,9 | 7,7 |
| | *млн. АКШ долл.* | 303,5 | 229,0 | 111,4 | 105,4 | 115,3 | 9,6 |
| Башка майлоочу майлар | *миң т* | 14,0 | 11,2 | 13,8 | 14,9 | 16,8 | 1,0 |
| | *млн. АКШ долл.* | 19,2 | 17,6 | 23,9 | 26,3 | 32,4 | 2,7 |
| Мазут | *миң т* | 128,3 | 128,5 | 76,4 | 39,5 | 9,4 | 0,6 |
| | *млн. АКШ долл.* | 24,4 | 37,0 | 29,1 | 16,5 | 4,7 | 0,4 |
| Иштетиле элек мунай | *миң т* | 10,8 | 14,8 | 0,0 | 6,3 | 1,0 | 0,1 |
| | *млн. АКШ долл.* | 3,7 | 5,2 | 0,0 | 4,0 | 0,6 | 0,1 |
| Жана башка мунайзаттары | *миң т* | 44,3 | 42,2 | 75,5 | 60,5 | 62,3 | 3,8 |
| | *млн. АКШ долл.* | 15,1 | 19,3 | 37,6 | 33,9 | 31,8 | 2,6 |

* УСКнын маалыматтары боюнча, СИФ баасында

Материалдык түрү боюнча классификацияланган өнөр жай товарларынын салыштырма салмагы импорттолгон товарлардын жалпы көлөмүнөн 17,3 пайызды түзгөн (суммардык мааниде алганда 1 049,3 млн. АКШ доллары). Товарлардын ушул тобунун түзүмү боюнча баяндама жасоо, мурдагы жылга караганда көлөмү 22,7 пайызга (278,4 млн. АКШ долларына чейин) көбөйгөн чоюн жана болот анын төрттөн бир бөлүгүнөн көбүрөөгүн ээлей тургандыгын көрсөтөт. Чоюндан, болоттон же алюминийден жасалган ар кандай конструкциялар импортунун 2,5 эсеге (110,1 млн. АКШ долларына чейин), резинадан жасалган дөңгөлөктөрдүн – 16,3 пайызга, кагаз жана картондун – 16,7 пайызга көбөйгөндүгү да байкалган. Мында текстиль кездемелери жана инструменттердин түшүүлөрүнүн төмөндөөсү белгиленген.

**12-таблица. "Материалдын түрү боюнча классификацияланган, өнөр жай товарлары" тобунун негизги товарларынын экспорту**

*(млн. АКШ долл.)*

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Баардыгы болуп** | **млн. АКШ долл.** | **461,7** | **457,9** | **662,7** | **872,8** | **1 049,3** |
| Чоюн жана болот | *миң т* | 164,9 | 122,1 | 166,5 | 253,8 | 333,2 |
| | *млн. АКШ долл.* | 101,0 | 93,5 | 146,8 | 226,9 | 278,4 |
| Чоюндан, болоттон же алюминийден жасалган, башка категорияга камтылбагандар | *миң т* | 14,4 | 6,8 | 10,0 | 22,5 | 52,4 |
| | *млн. АКШ долл.* | 17,1 | 11,1 | 18,3 | 44,3 | 110,1 |
| Резина дөңгөлөктөрү | *млн.даана* | 1,2 | 1,1 | 1,6 | 1,4 | 1,3 |
| | *млн. АКШ долл.* | 35,5 | 42,6 | 55,5 | 71,1 | 82,7 |
| Жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер | *млн.кв.м* | 179,9 | 175,7 | 251,7 | 234,0 | 175,6 |
| | *млн. АКШ долл.* | 50,4 | 49,0 | 63,3 | 74,5 | 74,4 |
| Кагаз жана картон | *миң т* | 23,2 | 22,6 | 29,3 | 31,2 | 32,6 |
| | *млн. АКШ долл.* | 24,2 | 25,4 | 36,3 | 39,7 | 46,3 |
| Тапталган жыгач жана калыбына келтирилген жыгач | *миң куб.м* | 71,4 | 71,0 | 85,8 | 143,3 | 153,9 |
| | *млн. АКШ долл.* | 18,7 | 20,3 | 29,6 | 40,5 | 42,6 |
| Сымдардан жасалган буюмдар жана тосмо торлор | *миң т* | 5,0 | 2,3 | 3,9 | 9,3 | 19,9 |
| | *млн. АКШ долл.* | 3,6 | 4,8 | 6,4 | 33,3 | 42,6 |
| Сырдалган керамика плиткалары | *млн.кв.м* | 2,1 | 2,4 | 2,8 | 3,9 | 4,3 |
| | *млн. АКШ долл.* | 9,4 | 10,6 | 14,2 | 20,5 | 29,5 |
| Полго төшөлмөлөр | *миң т* | 6,3 | 5,7 | 7,9 | 7,9 | 8,9 |
| | *млн. АКШ долл.* | 6,7 | 7,4 | 12,4 | 13,9 | 20,7 |
| Башка категорияда камтылбаган жезден же болоттон жасалган буюмдар | *миң т* | 9,0 | 9,3 | 11,6 | 8,5 | 11,1 |
| | *млн. АКШ долл.* | 7,9 | 9,9 | 14,1 | 18,3 | 18,9 |
| Кол жана машина менен иштетүүчү инструменттер | *миң т* | 5,6 | 12,2 | 15,1 | 13,5 | 2,7 |
| | *млн. АКШ долл.* | 7,9 | 14,9 | 26,9 | 27,6 | 17,3 |
| Башка товарлар | *млн. АКШ долл.* | 179,2 | 168,3 | 238,8 | 262,2 | 285,7 |

* УСКнын маалыматтары боюнча СИФ баасында

2013-жыл жыйынтыгы боюнча кофе, чай, какао жана алардан жасалган тамак-аштар, эт азыктары, дан өсүмдүктөрү жана кант тамак-аш азыктары импорттун жарымынан көбүрөөгүн ээлейт, мында алардын көлөмүнүн 2,6 пайызга төмөндөшү белгиленген. Бул топтун бардык калган товардык позициялары боюнча 21,0 пайыз деңгээлдеги өсүш белгиленген, бул жалпысынан ЭСТКнын бул тобунун импортунун чогуу алгандагы көлөмүнүн 2012-жылга салыштырмалуу 7,7 пайызга көбөйүшүн шарттаган.

МАЗМУНУ

**13-таблица. "Тамак-аш азыктары жана тирүү малдар" тобунун негизги товарларынын экспорту**

*(млн. АКШ долл.)*

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | **млн. АКШ долл.** | **384,8** | **408,5** | **540,7** | **597,8** | **644,1** |
| Кофе, чай, какао жана алар аралаштырып жасалган | *миң т* | 22,3 | 21,3 | 25,5 | 26,6 | 26,5 |
| таттуу азыктар | *млн. АКШ долл.* | 55,4 | 60,5 | 82,3 | 101,9 | 90,8 |
| Тартылбаган дан өсүмдүктөрү (полбаны кошо | *миң т* | 341,1 | 349,2 | 289,9 | 438,4 | 363,0 |
| алганда) жана угут | *млн. АКШ долл.* | 62,7 | 62,3 | 67,0 | 93,6 | 89,9 |
| Эт жана эт азыктары | *миң т* | 63,4 | 99,2 | 84,3 | 76,6 | 60,6 |
| | *млн. АКШ долл.* | 44,6 | 77,3 | 72,5 | 76,3 | 88,0 |
| Кант, патока жана бал | *миң т* | 82,0 | 62,4 | 87,4 | 83,4 | 83,5 |
| | *млн. АКШ долл.* | 46,4 | 47,1 | 78,7 | 63,9 | 58,3 |
| Башка категорияда камтылбаган тамак-аш | *миң т* | 8,1 | 8,1 | 9,7 | 8,6 | 10,6 |
| азыктары | *млн. АКШ долл.* | 16,9 | 17,1 | 33,8 | 44,5 | 51,1 |
| Дан азыктары, ундан же өсүмдүк жана жашылча | *миң т* | 8,1 | 8,1 | 9,7 | 25,3 | 30,7 |
| крахмалынан жасалган азыктар | *млн. АКШ долл.* | 17,9 | 23,9 | 33,3 | 40,7 | 47,3 |
| Буудай же угут уну | *миң т* | 69,4 | 25,8 | 136,6 | 119,6 | 139,9 |
| | *млн. АКШ долл.* | 22,2 | 7,9 | 45,7 | 33,2 | 44,1 |
| Мөмө-жемиштер, жаңгактар (май алынуучу жаңгактардан тышкары), жаңы жыйналып | *миң т* | 41,4 | 47,4 | 33,8 | 28,2 | 38,3 |
| алынгандары жана кургатылгандар | *млн. АКШ долл.* | 18,2 | 23,5 | 21,2 | 22,0 | 36,6 |
| Кант кошулуп жасалган кондитердик азыктар | *миң т* | 12,4 | 9,9 | 8,8 | 8,9 | 11,1 |
| | *млн. АКШ долл.* | 14,2 | 15,1 | 17,7 | 19,9 | 25,3 |
| Майдан жана сырдан тышкары, сүт, каймак, сүт | *миң т* | 7,7 | 6,8 | 7,9 | 10,6 | 10,8 |
| азыктары | *млн. АКШ долл.* | 9,9 | 10,5 | 11,5 | 15,3 | 16,3 |
| Башка товарлар | *млн. АКШ долл.* | 76,6 | 63,4 | 77,0 | 86,5 | 96,3 |

* УСКнын маалыматтары, СИФ баасында

Отчеттук жыл ичинде импорттун **географиялык бөлүштүрүлүшү** олуттуу деле өзгөрүүлөргө дуушар болгон эмес. Импорттун географиялык концентрациялануу индекси 1,1 пайыздык пунктка жогорулаган, бул 2013-жылы негизги өнөктөш өлкөлөрдүн салыштырма салмагынын бир кыйла көбөйгөндүгүн тастыктайт.

**14-таблица. Импорттун географиялык концентрациясы***

*(пайыздарда)*

| | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|
| Импорт | 43,6 | 42,2 | 42,1 | 42,1 | 43,2 |
| КМШ | 67,2 | 67,7 | 68,8 | 67,8 | 70,8 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 49,4 | 47,3 | 47,3 | 48,2 | 50,0 |

* УСКнын маалыматтарынын негизинде Улуттук банктын эсептөөлөрү, УСКнын жана Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда

Россия Федерациясы мунайзаттарды негизги сунуштоочу бойдон калган. Негизги азык-түлүк товарларынын импорту өзгөчө, КМШ өлкөлөрүнөн жүзөгө ашырылган. Ушул өлкөлөрдөн дан жана алардан жасалган азыктар, кант, өсүмдүк майы жана башка тамак-аш азыктары сыяктуу азык-түлүк товарларынын эң ири тобу импорттолот.

Алыскы чет өлкөлөрдүн салыштырма салмагы көбүнчө сырттан алынып келинген азык-түлүктөн башка керектөө товарларынын түзүмүндө көбүрөөк. Кытайдан жана Түркиядан кийим-кечелерди алып келүүнүн чогуу алгандагы салыштырма салмагы 92,2 пайыздан ашкан, ал эми бут кийим импортунда 83,5 пайызды түзгөн. Япониядан, Германиядан, Кытайдан жана АКШдан бардык автоунааларды 69,5 пайызы импорттолот.

**15-таблица. Товарлардын айрым түрлөрүнүн импортунун географиялык түзүмү***
*(млн. АКШ долл.)*

| Товарлардын аталыштары | Өлкөлөр | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | бардыгы болуп, пайыздарда |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Тартылбаган дан өсүмдүктөрү (полбаны кошо алганда) жана угут** | **Бардыгы болуп** | **62,7** | **62,3** | **67,0** | **93,6** | **89,9** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Казакстан | 59,7 | 61,5 | 66,9 | 93,6 | 83,3 | 92,7 |
| **Эт жана эт азыктары** | **Бардыгы болуп** | **44,6** | **77,3** | **72,5** | **76,3** | **88,0** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | АКШ | 27,4 | 48,9 | 45,0 | 39,2 | 43,9 | 49,9 |
| | Кытай | 13,1 | 23,4 | 19,3 | 26,3 | 31,1 | 35,3 |
| **Кант, патока жана бал** | **Бардыгы болуп** | **60,6** | **62,2** | **96,4** | **83,8** | **83,6** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Беларусь | 15,7 | 6,1 | 6,3 | 16,9 | 25,4 | 30,4 |
| | Украина | 31,6 | 30,1 | 53,0 | 33,7 | 20,1 | 24,0 |
| | Россия | 4,0 | 13,4 | 5,5 | 5,4 | 10,5 | 12,5 |
| **Өсүмдүк майлары жана тоң майлар** | **Бардыгы болуп** | **32,9** | **45,0** | **53,7** | **55,6** | **60,9** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Россия | 18,7 | 21,8 | 26,6 | 36,1 | 42,4 | 69,5 |
| | Украина | 5,7 | 10,9 | 7,6 | 8,8 | 10,6 | 17,4 |
| | Казакстан | 7,4 | 9,2 | 15,0 | 7,5 | 4,7 | 7,8 |
| **Дан азыктары, ундан же крахмалдан жасалган азыктар** | **Бардыгы болуп** | **17,9** | **23,9** | **33,3** | **40,7** | **47,3** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Украина | 7,9 | 8,6 | 11,7 | 15,5 | 18,6 | 39,2 |
| | Россия | 6,6 | 9,6 | 13,9 | 15,2 | 17,2 | 36,3 |
| | Казакстан | 2,0 | 3,3 | 4,2 | 5,3 | 5,8 | 12,2 |
| **Кийим-кечелер жана аларга тиешелүү буюмдар** | **Бардыгы болуп** | **107,6** | **118,6** | **184,3** | **239,3** | **231,4** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Кытай | 89,1 | 97,8 | 159,3 | 197,9 | 189,1 | 81,7 |
| | Түркия | 10,7 | 12,4 | 17,1 | 32,7 | 33,6 | 14,5 |
| **Бут кийим** | **Бардыгы болуп** | **54,0** | **39,9** | **53,3** | **81,9** | **72,4** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Кытай | 46,2 | 31,3 | 40,3 | 61,4 | 52,6 | 72,6 |
| | Түркия | 2,3 | 2,0 | 4,5 | 6,1 | 7,9 | 10,9 |
| | Россия | 2,4 | 3,3 | 3,5 | 6,0 | 5,0 | 6,9 |
| **Мунай, мунайзаттары жана ушундай эле башка материалдар** | **Бардыгы болуп** | **707,1** | **752,1** | **864,2** | **1 069,1** | **1 201,3** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Россия | 638,8 | 642,9 | 805,0 | 1 034,9 | 1 171,2 | 97,5 |
| | Казакстан | 7,0 | 8,0 | 6,7 | 6,6 | 9,7 | 0,8 |
| **Автоунаалар** | **Бардыгы болуп** | **249,4** | **269,5** | **432,5** | **659,9** | **702,6** | |
| | алардын ичинен: | | | | | | |
| | Япония | 58,4 | 73,0 | 145,0 | 174,6 | 214,3 | 30,5 |
| | Германия | 49,1 | 41,2 | 75,3 | 111,8 | 123,5 | 17,6 |
| | АКШ | 36,7 | 36,7 | 43,4 | 57,5 | 87,0 | 12,4 |
| | Кытай | 15,1 | 69,2 | 58,9 | 96,6 | 63,5 | 9,0 |
| | Корея | 22,7 | 13,4 | 24,7 | 41,1 | 47,7 | 6,8 |

* УСКнын маалыматтары, СИФ баасында

МАЗМУНУ

## ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР ТЕҢДЕМИ (БАЛАНС)

2013-жыл үчүн эл аралык кызмат көрсөтүүлөр жүгүртүүсү 6,0 пайызга төмөндөп, 2 151,9 млн. АКШ долларын түзгөн.

**3-график. Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тышкы соодасы***
*(млн.АКШ долларында)*




* УСКнын маалыматтары боюнча, Улуттук банктын жана УСКнын баа берүүлөрүн эске алуу менен

**4-график. Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансы**
*ИДПга карата пайызда*




**Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр теңдеми** (төлөм теңдемин нейтралдык сунуштоодо) терс түптөлүп, 66,6 млн. АКШ долларын түзгөн, бул мурдагы жылдын ушул мезгил ичиндеги кызмат көрсөтүү теңдеминин тартыштыгынан 81,3 пайызга аз (356,6 млн. АКШ доллары).

Мында, кызмат көрсөтүүлөр импортунун 16,2 пайызга төмөндөшүнө салыштырганда экспорттун өсүшүнүн 7,9 пайызга чейин басаңдашы байкалган.

Отчеттук мезгил ичинде **кызмат көрсөтүүлөр экспорту** 1 042,7 млн. АКШ долларына жеткен, бул товарлар экспорту көлөмүнүн 50,9 пайызына жана ИДӨгө карата 14,5 пайызына туура келет.

**Кызмат көрсөтүүлөр импорту** 1 109,2 млн. АКШ доллар өлчөмүндө түптөлгөн, бул товарлар импортунун 19,8 пайызын жана ИДӨгө карата 15,4 пайызын түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде кыдыруулар, транспорттук жана ишкердик кызмат көрсөтүүлөр мурдагыдай эле кызмат көрсөтүүлөрдүн аныктоочу статьяларынан болгон, алар чогуу алганда эл аралык кызмат көрсөтүүлөр жүгүртүүсүнүн 86,5 пайызын ээлеген.

"Кыдыруулар" статьясынын сальдосу 2012-жылдын деңгээлинен 2,1 эсеге ашуу менен 179,2 млн. АКШ доллар өлчөмүндөгү профицит менен калыптанган. Мында, кыдырууларга байланыштуу кызмат көрсөтүүлөр экспорту көбөйгөн (өсүш 21,9 пайызга көбүрөөк, эң башкысы, сырттан келгендердин санынын көбөйүүсүнүн эсебинен), ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын жарандары чет өлкөдө болгон учурда аларга сунушталган кызмат көрсөтүүлөр боюнча өсүш 0,1 пайызды гана түзгөн.

2013-жыл үчүн транспорттук кызмат көрсөтүүлөр сальдосу, мурдагыдай эле 358,0 млн. АКШ доллар өлчөмүндө тартыштык менен түптөлгөн, бул 2012-жылга караганда 22,5 пайызга аз. Бул төмөндөө транспорттук кызмат көрсөтүүлөр көлөмүнүн төмөндөшү менен шартталган. Мында, резидент эместерге сунушталган транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү, эң башкысы, темир жол жана аба транспорттук кызматтарынын (тиешелүүлүгүнө жараша 8,3 жана 2,1 пайызга) көбөйгөндүгүнөн улам 1,8 пайызга өскөн. Өлкө резиденттерине чет өлкөдө транспорттун бардык

түрлөрү боюнча сунушталган транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн төмөндөөсүнүн натыйжасында, импорттун көлөмү 15,6 пайызга төмөндөгөн.

Отчеттук мезгил ичинде ишкердик кызмат көрсөтүүлөрдүн таза экспорту оң белгиге ээ болуп, 40,4 млн. АКШ долларын түзгөн (2012-жылы 29,6 млн. АКШ долларында терс мааниде калыптанган). Отчеттук мезгил ичинде экспорттун сыяктуу эле (20,2 пайызга), импорттун (50,0 пайызга) төмөндөшү да байкалган. Кыргыз Республикасынын резиденттерине көрсөтүлгөн консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдүн олуттуу кыскарышы ишкердик кызмат көрсөтүүлөр импортунун төмөндөөсүнө таасирин тийгизген негизги фактордон болгон. Ишкердик кызмат көрсөтүүлөр экспортунун кыскарышы эң оболу, тоо кендерин казып алуу өнөр жайы жагында, ошондой эле жерди жана кыймылсыз мүлктү ижарага берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр экспортунун төмөндөгөндүгүнө байланыштуу болгон.

## КИРЕШЕЛЕР

2013-жыл жыйынтыгы боюнча "кирешелер" статьясынын сальдосу терс түптөлүп, 290,4 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2012-жылдын ушул эле көрсөткүчүнөн 81,3 пайызга көп.

Ишканалардын реинвестицияланган пайдасынын көлөмүнүн 2,1 эсеге (101,0 млн. АКШ долларынан 214,5 млн. АКШ долларына чейин) көбөйүүсү, эң башкысы, тике чет өлкө инвесторлорунун Кыргызстандагы инвестициялык ишинен алынган кирешелеринин көбөйүүсүн шарттаган. Тике инвесторлордун бөлүштүрүлгөн кирешесинин көлөмү (24,3 пайызга) көбөйүп, 12,2 млн. АКШ долларын түзгөн. Натыйжада, тике инвестициялар боюнча кирешелердин сальдосу 2 эсеге көбөйүү менен 226,7 млн. АКШ долларын түзгөн.

Мурда алынган кредиттер боюнча пайыздарды төлөө көлөмүнүн жыл сайын көбөйгөндүгү байкалган, бул негизинен, жеке сектордун өзүнүн чет өлкө кредиторлоруна пайыздарды төлөөнүн өсүшү менен байланыштуу болгон 2013-жылы бул көрсөткүч 22,1 млн. АКШ долларын түзгөн (көбөйүү 72,8 пайызга). Бул "башка инвестициялар боюнча кирешелер" статьясынын тартыштыгынын 40,8 пайызга (41,8 млн. АКШ долларына чейин) көбөйүүсүнө таасирин тийгизген.

Отчеттук мезгил ичинде "эмгекке төлөөлөр" статьясынын сальдосу да терс түптөлүп, 22,0 млн. АКШ долларын түзгөн (төмөндөө 23,8 пайыздык пунктту түзгөн). Мындай тенденция резидент эместердин Кыргыз Республикасында ишкердигинен түшкөн кирешелеринин чогуу алгандыгы көлөмүнүн төмөндөшү менен шартталган.

## ТРАНСФЕРТТЕР

2013-жыл жыйынтыгы боюнча **күндөлүк трансферттердин** оң теңдеми максимумга жетип 2 238,0 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2012-жылга караганда 8,6 пайызга көп. ИДӨгө карата күндөлүк трансферттер эсебинин сальдосунун катышы 31,0 пайызды түзгөн.

Күндөлүк трансферттер эсебинде **жеке трансферттер** мурдагыдай эле аныктоочу ролду ойногон (төлөм теңдеминин нейтралдуу мааниси), алардын таза агылып кирүүсү 2 153,9 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул көрсөткүчтүн өсүш арымы төмөндөшүн улантууда. Алсак, отчеттук мезгил ичинде өсүш 2012-жылдагы 13,8 пайызга караганда 7,8 пайызды түзгөн.

Мындай өсүш иштеп жаткандардын акча которуулары менен камсыз кылынган, алар келип түшкөн жеке трансферттердин жалпы көлөмүнүн 97,6 пайызын түзөт. Аталган статья боюнча түшүүлөр өсүшүн улантууда: иштеп жаткандардын акча которууларынын таза агылып кирүүсү 2012-жылга салыштырмалуу 7,7 пайызга көбөйүп, 2 101,3 млн. АКШ долларын (ИДӨгө карата 29,1 пайызды) түзгөн.

**16-таблица. Иштеп жаткандардын акчалай которууларынын түзүмү***

*(млн. АКШ долларында)*

| | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|
| 1.1. Иштеп жаткандардын акчалай которуулары | 990,3 | 1 243,8 | 1 661,5 | 1 951,7 | 2 101,3 |
| 1.1.1. Түшүүлөр | 1 072,0 | 1 379,3 | 1 859,7 | 2 208,8 | 2 469,0 |
| алардын ичинен: | | | | | |
| *Акча которуу системалардан түшүүлөр* | *966,7* | *1 252,6* | *1 695,4* | *2 017,9* | *2 268,2* |
| *Жеке адамдардын банк аркылуу трансферттери* [1] | *11,0* | *9,2* | *9,0* | *9,7* | *6,5* |
| *Почта аркылуу калктын акча которуулары* | *4,3* | *4,4* | *4,2* | *3,8* | *3,4* |
| *Улуттук банктын кошумча эсептөөлөрү* [2] | *90,0* | *113,1* | *151,0* | *177,4* | *191,0* |
| 1.1.2. Агылып чыгуу | -81,7 | -135,5 | -198,3 | -257,1 | -367,7 |

* Улуттук банктын маалыматтары боюнча, Улуттук банктын баа берүүлөрүн эске алуу менен.

[1] 3000 АКШ долларынан ашпаган которуулар эске алынган.

[2] Мигранттардын накталай формадагы которуулары боюнча эсептөөлөрү үчүн 10% өлчөмүндөгү кошумча баа берүү коэффициенти колдонулат.

Иштеп жаткандардын республикага акча которууларынын негизги ыкмасынан болуп, мурдагыдай эле, акча которуу системасы калууда (дүңүнөн агылып кирүүнүн 91,9 пайыз). Отчеттук мезгил ичинде акча которуулар системасы боюнча таза агылып кирүү 7,9 пайызга көбөйүп, 1 908,2 млн. АКШ долларын[8] түзгөн. Мында акча которуулардын географиялык түзүмү дээрлик өзгөрүүсүз калган. Каралган жыл жыйынтыгы боюнча акча которуулардын негизги үлүшү Россия Федерациясынан (97,8 пайыз) жана Казакстандан (1,1 пайыз) келип түшкөн. Кыргыз Республикасынан жөнөтүлгөн которуулардын түзүмүндө салыштырмалуу басымдуу салмак да Россияга туура келет (97,5 пайыз).

**5-график. Акча которуулардын жана керектөө товарларынын таза экспортунун сальдосу**

*ИДПга карата пайызда*




Которуулар сальдосу керектөө товарларынын таза экспортунун ордун жабат, ал өз кезегинде 1 618,6 млн. АКШ доллар өлчөмүндө терс мааниде калыптанган.

Отчеттук мезгил ичинде мамлекеттик башкаруу секторуна күндөлүк трансферттердин таза агылып кирүүсү (төлөм теңдемин нейтралдуу берүүдө) 2012-жылга салыштырмалуу 33,2 пайызга көбөйүү менен, 84,1 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң түптөлгөн.

Акчалай гранттардын 87,0 млн. АКШ доллар өлчөмүндө келип түшүүгө байланыштуу өсүшү байкалган, бул 2012-жылга караганда 33,2 пайызга көп.

## КАПИТАЛ МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАР ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК ОПЕРАЦИЯЛАР ЭСЕБИ

2013-жыл жыйынтыгы боюнча **капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби (төлөм теңдемин аналитикалык берүүдө)** 1 211,4 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң сальдо менен түптөлгөн, бул 2012-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнөн 17,3 пайызга көп. Мында, финансылык эсеп боюнча сыяктуу эле, капитал менен операциялар эсеби боюнча да капитал агымынын көбөйүшү белгиленген.

[8] Улуттук банктын кошумча баа берүүсүз.

**Капитал менен операциялар эсебинин** сальдосу 280,3 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң түптөлгөн, бул 2012-жылы жетишилген деңгээлден 68,8 пайызга жогору. Капитал менен операциялар эсеби сальдосунун оң маанисинин олуттуу көбөйүүсү, республиканын Россия Федерациясы алдында кредиттери боюнча карыздарды жөнгө салуу жөнүндө Россия Федерациясы менен Кыргыз Республикасынын өкмөттөрүнүн ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык, 2013-жылдын экинчи чейрегинде Россия Федерациясы тарабынан 188,9 млн. АКШ доллар өлчөмүндөгү карыздын кечирилиши менен шартталган.

**6-график. Капитал менен операциялардын жана финансылык операциялардын эсеби**

*ИДПга карата пайызда*




Отчеттук мезгил ичинде мамлекеттик инвестициялар программасынын алкагында гранттардын келип түшүүсүнүн 39,7 пайызга (60,6 млн. АКШ долларына) төмөндөгөндүгү байкалган.

2013-жылы **финансылык эсебинин** оң теңдеми 931,1 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң түптөлгөн, бул мурдагы жылга караганда 7,5 пайызга көп.

Отчеттук мезгил ичинде **тике инвестициялардын** таза агымы 757,6 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2012-жылдын көрсөткүчүнөн 2,6 эсеге көп. Башка капиталга инвестицияланган финансылык каражаттардын таза агымынын 2,9 эсеге (529,5 млн. АКШ долларына чейин), эң башкысы, геологиялык чалгындоо[9] чөйрөсүндө иштеп жаткан ишканалар тарабынан чет өлкөлүк кошо ээлик кылуучулардан алынган кредиттердин эсебинен көбөйүүсү тике инвестицияларды арттырууга негизги таасирин тийгизген.

Өлкөгө тике инвестициялардын калган түзүмдүк компоненттери боюнча оң тенденция байкалган: отчеттук мезгил ичинде реинвестицияланган кирешелердин нетто-агымы 2,1 эсеге өсүп, 214,5 млн. АКШ долларына жеткен, акционердик капиталдын сальдосу 13,7 млн. АКШ доллар өлчөмүндө түптөлгөн (20,9 пайызга көбөйүү).

Отчеттук мезгил ичинде экономикалык иш түрлөрү боюнча тике инвестициялардын олуттуу таза агымы кыймылсыз мүлк менен операцияларда, ижара жана керектөөчүлөргө кызматтарды көрсөтүү (өсүш 2,4 эсеге) чөйрөсүндө, кайра иштетүү өнөр жайында (өсүш 5,2 эсеге) жана финансылык сектордо (өсүш 1,8 эсеге) байкалган. Бул секторлор боюнча агымдын жалпы көлөмү 712,2 млн. АКШ долларын түзгөн. Тике инвестицияларды географиялык бөлүштүрүүдө Кытайдан, Канададан, Улуу Британиядан жана Россия Федерациясынан 641,1 млн. АКШ доллар өлчөмүндө суммардык көлөмү менен капитал агымы басымдуу болгон.

Каралып жаткан жыл ичинде **портфелдик инвестициялар** теңдеминин сальдосу оң түптөлүп, 4,8 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2012-жылга караганда 15,1 пайызга аз.

2013-жыл үчүн республикага тартылган башка инвестициялардын таза көлөмү 2012-жылдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 70,3 пайызга төмөндөп, 168,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Аталган өзгөрүү тышкы дүйнө алдында милдеттенмелер көлөмүнүн төмөндөшү менен катар эле, резиденттердин чет өлкө активдеринин көбөйгөндүгүнө байланыштуу болгон.

2013-жыл жыйынтыгы боюнча резиденттердин активдери 113,0 млн. АКШ долларына көбөйгөн, ошол эле учурда мурдагы жылы алардын 138,1 млн. АКШ доллар өлчөмүндө кыскарышы байкалган.

[9] Экономикалык ишкердик түрлөрүнүн түзүмүнө геологиялык чалгындоо жүргүзүүгө кыймылсыз мүлк менен операциялар, ижара жана керектөөчүлөргө кызматтарды көрсөтүү боюнча иштер кирет.

Мында, негизги өсүштү жергиликтүү банктардын чет өлкөдө жайгашкан банктардагы депозиттик жана корреспонденттик эсептериндеги каражаттарынын 73,3 млн. АКШ долларына көбөйүшүнүн эсебинен камсыз кылынган. Отчеттук мезгил ичинде резиденттердин дебитордук карызынын көбөйүүсү 62,7 млн. АКШ долларды түзгөн. 2013-жылдын акырына карата абал боюнча, дебитордук карыздын дүң көлөмүнүн 87,4 пайызынан көбүрөөгү[10] кайра иштетүү өнөр жай ишканаларына, кыймылсыз мүлк, ижара жана керектөө кызматтарын көрсөтүү менен операцияларды жүзөгө ашырышкан ишканаларына, ошондой эле соода жана ремонт иштери менен алектенген компанияларга туура келет.

Отчеттук мезгил ичинде резиденттердин чет өлкө банктарындагы эсептеринде активдеринин 2012-жылга салыштырмалуу 82,1 пайызга кыскарышы байкалган. 2013-жылдын акырына карата абал боюнча ишканалардын өлкөнүн чегинен тышкары ачылган эсептеринде акча каражаттарынын калдыктарынын чогуу алгандагы көлөмүнүн 82,3 пайызы кайра иштетүү ишканаларына туура келген.

Отчеттук мезгил ичинде башка инвестициялар боюнча тышкы дүйнө алдындагы милдеттенмелер 281,8 млн. АКШ долларына көбөйгөн (2012-жылы көбөйүү 430,5 млн. АКШ долларын түзгөн). 2013-жылдын экинчи чейрегинде Россия Федерациясы[11] алдында карыздын кечирилишинен, ошондой эле жеке сектор тарабынан каражаттарды кайтаруу боюнча жүргүзүлгөн төлөөлөрдүн көбөйгөндүгүнөн улам "кредиттер" статьясы боюнча таза сальдонун кыскаруусу көрсөткүчтүн төмөндөөсүнө таасирин тийгизген.

Тышкы кредиттердин таза агымы 180,8 млн. АКШ долларын түзгөн, анын ичинен 177,8 млн. АКШ доллары мамлекеттик сектордун жана 3,0 млн. АКШ доллары жеке сектордун кредиттерин түзөт. Мында, мамлекеттик сектор тарабынан тартылган кредиттердин олуттуу көлөмү мамлекеттик инвестициялар программасынын алкагында келип түшкөндүгүн (383,9 млн. АКШ доллары) белгилей кетүү зарыл. Өкмөттүн карызынын негизги суммасы боюнча төлөөлөр, кечирилген кредитти эске албаганда 46,5 млн. АКШ долларын түзгөн. Жеке сектор тарабынан мурда алынган кредиттерди тейлөө боюнча төлөөлөрдүн көлөмү өткөн жылга салыштырганда 43,4 пайызга көбөйүп, 383,6 млн. АКШ долларына жеткен.

Кредиттик каражаттардын дүң агымы 15,2 пайызга көбөйүп, 386,5 млн. АКШ долларын түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде резидент-ишканалардын кредитордук карызынын көлөмү 76,3 млн. АКШ долларына көбөйгөн (2012-жылы көбөйүү 68,4 млн. АКШ долларын түзгөн). Мындай милдеттенмелер негизинен, кайра иштетүү өнөр жайында, ошондой эле соода, транспорт жана байланыш чөйрөлөрүндө катталган, аларга чогуу алгандагы карыздын жалпы суммасынын 73,3 пайызы туура келет[12].

**"Каталар жана калтырып кетүүлөр"** статьясы 760,3 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң түптөлгөн. Аталган статьянын оң мааниде түптөлүшү өлкөгө капиталдын агылып киришине байланыштуу операциялар же болбосо товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспорту толук көлөмдө статистикалык эсепке алынбагандыгын тастыктап турат. Көрсөтүлгөн статья боюнча көрсөткүчтү төмөндөтүү максатында, Улуттук банк төлөм теңдеминин көрсөткүчтөрүн статистикалык камтылышын жакшыртуу боюнча иштерди жүргүзүп келет. Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен, "Каталар жана калтырып кетүүлөр" статьясынын сальдосу 64,3 млн. АКШ долларын түзгөн.

2013-жылдын акырына дүң эл аралык камдарынын көлөмү 2 239,0 млн. АКШ долларын түзгөн, бул келечектеги товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун 4,1 айын жабат.

[10] Тике чет өлкө инвесторлорунун Кыргыз Республикасынын резиденттеринин - ишканаларынын алдында карызын эске албаганда.
[11] Төлөм теңдеми боюнча колдонмонун 5-басылышына ылайык, карызды кечирүү капиталдык трансферт катары эсепке алынат, ал финансылык эсепте негизги сумманын төмөндөөсү катары жазууларга теңештирилет.
[12] Резидент-ишканалардын тике чет өлкө инвесторлору алдында карыздарын эске алуусуз.

## "Алып сатарлардын" соода жүргүзүүсү жана башка статьялар боюнча Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемине кошумча баа берүү

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, расмий статистика тарабынан камтылбаган же толук эмес көлөмдө камтылган төлөм теңдеминин айрым көрсөткүчтөрүн толугу менен эсепке алуу максатында, кошумча эсептөөлөрдү пайдаланат.

Белгилүү болгондой эле, төлөм теңдеминин түзүлүүчү статистикасынын сапаты "каталар жана калтырып кетүүлөр" статьясы аркылуу чагылдырылат. Акыркы жылдары Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминин статистикасында бул статья абсолюттук мааниде алганда өсүшүн улантууда. Алсак, эгерде 2008-жылы "каталар жана калтырып кетүүлөр" статья 418,0 млн. АКШ доллары же ИДӨгө карата 8,1 пайыз деңгээлинде оң мааниде калыптанган болсо, ал эми 2013-жылы 760,3 млн. АКШ долларына чейин же ИДӨгө карата 10,5 пайызга чейин көбөйгөн. Бул статьянын оң мааниси өлкөгө капиталдын агымына же товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөр экспортуна байланыштуу операцияларды толук эмес статистикалык эсепке алынгандыгын тастыктайт.

Жогоруда белгиленген проблемаларды эске алуу менен статистикалык чөйрөнү жакшыртуу максатында, Улуттук банк расмий статистикада камтылбаган, "алып сатар" соодагерлер аталган жеке адамдардын экспорттук операциялары боюнча кошумча баа берүүнү жүргүзгөн. Мында, Улуттук статистика комитети тарабынан 2008-жылдан тартып аталган категория боюнча кошумча баа берүү жүргүзүлүп келгендигин белгилеп кетүү зарыл. Бирок, соода боюнча өнөктөш-өлкөлөрдүн маалыматтарына талдап-иликтөөлөр, бүгүнкү күндө колдонулуучу кошумча баа берүү толук эмес экендигин көрсөткөн. Алсак, маалыматтар боюнча, 2013-жыл ичинде "алып сатарлардын" соодасы боюнча Кыргыз Республикасында колдонулган кошумча баа берүү Казакстан Республикасында колдонулуучу ушул эле маалыматтардан 403,2 млн.АКШ долларына төмөн. Төлөм теңдеминде аныкталган статистикалык каталар капитал агымы же товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспорту боюнча статистикада жеткире эсепке алынбагандыгын эске алуу менен Улуттук банк аталган өбөлгөлөр "алып сатарлар" соодасы боюнча экспортко кошумча баа берүү үчүн алгылыктуу.

Бүтүндөй алганда, Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алсак, 2013-жыл жыйынтыгы боюнча "каталар жана калтырып кетүүлөр" статьясынын мааниси ИДӨгө карата 1,0 пайызга төмөндөгөн.

**1-таблица. Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми**

| | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|
| **1. "Алып сатарлардын" соодасы жана башка операциялар боюнча кошумча баа берүүлөрдү эске алуу менен күндөлүк операциялар эсеби** | **-202,3** | **-317,1** | **-593,0** | **-783,3** | **-988,1** |
| ИДӨгө карата "алып сатарлардын" соодасы жана башка операциялар боюнча кошумча баа берүүлөрдү эске алуу менен күндөлүк операциялар эсеби (%) | -4,3 | -6,6 | -10,0 | -12,1 | -13,7 |
| **2. Күндөлүк операциялар эсеби** | **-202,3** | **-317,1** | **-593,0** | **-1 675,1** | **-1 684,2** |
| ИДӨгө карата күндөлүк операциялар (%) | -4,3 | -6,6 | -10,0 | -25,9 | -23,4 |
| 1.1. "Алып сатарлардын" соодасы жана башка операциялар боюнча кошумча баа берүүлөрдү эске алуу менен соода балансы | -1 119,8 | -1 202,2 | -1 669,0 | -2 318,9 | -2 869,1 |
| 2.1. Соода балансы | -1 119,8 | -1 202,2 | -1 669,0 | -3 210,6 | -3 565,2 |
| 1.1.1. "Алып сатарлардын" соодасы жана башка операциялар боюнча кошумча баа берүүлөрдү эске алуу менен экспорт (ФОБ) | 1 693,8 | 1 778,7 | 2 267,0 | 2 846,1 | 2 744,5 |
| 2.1.1. Экспорт (ФОБ) | 1 693,8 | 1 778,7 | 2 267,0 | 1 954,4 | 2 048,4 |
| 2.2.1. Импорт (ФОБ) | 2 813,6 | 2 980,9 | 3 935,9 | 5 165,1 | 5 613,6 |
| **Каталар жана калтырып кетүүлөр** | 42,9 | -30,8 | -194,4 | 861,3 | 760,3 |
| **Кошумча баа берүүлөрдү эске алуу менен каталар жана калтырып кетүүлөр** | **42,9** | **-30,8** | **-194,4** | **-30,5** | **64,3** |

МАЗМУНУ

МАЗМУНУ

## 17-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (аналитикалык түрдө берүү)

*(млн.АКШ долларында)*

| | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялардын эсеби** | **-212,6** | **-317,1** | **-593,0** | **-1675,1** | **-1684,2** |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрү | -1238,2 | -1403,4 | -1772,6 | -3567,2 | -3631,7 |
| Соода балансы* | -1119,8 | -1202,2 | -1669,0 | -3210,6 | -3565,2 |
| Экспорт (ФОБ) | 1693,8 | 1778,7 | 2267,0 | 1954,4 | 2048,4 |
| КМШ | 752,8 | 784,2 | 1019,6 | 1126,1 | 1026,0 |
| Алыскы чет мамлекеттер | 941,0 | 994,5 | 1247,4 | 828,3 | 1022,4 |
| Импорт (ФОБ) | 2813,6 | 2980,9 | 3935,9 | 5165,1 | 5613,6 |
| КМШ | 1593,7 | 1590,2 | 2018,3 | 2689,4 | 2787,1 |
| Алыскы чет мамлекеттер | 1219,9 | 1390,6 | 1917,7 | 2475,7 | 2826,5 |
| Кызмат көрсөтүүлөр балансы | -118,5 | -201,2 | -103,6 | -356,6 | -66,6 |
| Көрсөтүлгөн кызматтар | 638,2 | 600,1 | 860,2 | 966,6 | 1042,7 |
| Алынган кызматтар | -756,6 | -801,3 | -963,9 | -1323,1 | -1109,2 |
| Кирешелер | -181,4 | -305,1 | -659,1 | -169,3 | -290,4 |
| Тике инвестициялар боюнча кирешелер | -118,5 | -247,9 | -610,7 | -110,8 | -226,7 |
| Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер | 4,2 | 0,2 | 0,1 | — | — |
| Башка инвестициялар боюнча кирешелер | -41,4 | -25,1 | -19,2 | -29,7 | -41,8 |
| Кредиттер боюнча пайыздар (график) | -44,7 | -35,8 | -39,7 | -46,8 | -58,8 |
| Башка инвест. ж.б. кирешелер | 3,3 | 10,7 | 20,4 | 17,1 | 17,0 |
| Эмгекке төлөөлөр | -25,8 | -32,3 | -29,4 | -28,8 | -22,0 |
| Күндөлүк трансферттер | 1207,1 | 1391,3 | 1838,7 | 2061,5 | 2238,0 |
| **Капитал менен операциялардын жана финансы операцияларынын эсеби** | **417,4** | **458,4** | **923,6** | **1032,5** | **1211,4** |
| Капитал менен операциялардын эсеби | 16,3 | -11,1 | 64,1 | 166,1 | 280,3 |
| Капиталдык трансферттер | 16,3 | -11,1 | 64,1 | 166,1 | 280,3 |
| Финансылык эсеп | 401,0 | 469,6 | 859,5 | 866,4 | 931,1 |
| Тике инвестициялар** | 189,6 | 437,6 | 693,6 | 292,4 | 757,6 |
| Портфелдик инвестициялар | -13,9 | 27,1 | -0,3 | 5,7 | 4,8 |
| Финансылык деривативдер | — | — | — | -0,4 | -0,1 |
| Башка инвестициялар | 225,3 | 4,9 | 166,2 | 568,6 | 168,8 |
| Активдер ("-"көбөйүү) | -237,5 | 128,7 | -232,1 | 138,1 | -113,0 |
| Коммерциялык банктар | -158,2 | 202,8 | -19,1 | -8,2 | -81,5 |
| Жана башка активдер | -79,3 | -74,1 | -213,0 | 146,4 | -31,5 |
| Милдеттенмелер ("+" көбөйүү) | 462,8 | -123,8 | 398,3 | 430,5 | 281,8 |
| Коммерциялык банктар | 50,4 | -225,6 | 7,3 | 8,6 | 24,7 |
| Кредиттер | 321,3 | 85,9 | 390,9 | 353,5 | 180,8 |
| Мамлекеттик секторго кредиттер | 333,9 | 145,5 | 201,5 | 285,4 | 177,8 |
| Алынганы | 370,6 | 183,8 | 243,6 | 377,4 | 413,2 |
| Амортизация (график) | -36,7 | -38,3 | -42,2 | -92,0 | -235,4 |
| Жеке секторго кредиттер | -12,6 | -59,6 | 189,4 | 68,1 | 3,0 |
| Алынганы | 579,9 | 297,3 | 377,6 | 335,6 | 386,5 |
| Амортизация (график) | -592,5 | -356,9 | -188,2 | -267,5 | -383,6 |
| Жана башка милдеттенмелер | 91,2 | 15,9 | 0,2 | 68,4 | 76,3 |
| **Каталар жана калтырып кетүүлөр** | **53,1** | **-30,8** | **-194,4** | **861,3** | **760,3** |
| **Жалпы баланс** | **257,9** | **110,5** | **136,2** | **218,7** | **287,6** |
| **Каржылоо** | **-257,9** | **-110,5** | **-136,2** | **-218,7** | **-287,6** |
| Улуттук банктын камдары | -267,7 | -112,3 | -112,8 | -200,5 | -277,4 |
| ЭВФтин кредиттери | 3,5 | -24,7 | -24,2 | -20,6 | -17,4 |
| Өзгөчө каржылоо | 7,3 | 27,5 | 1,4 | 3,0 | 7,2 |
| Жана башка каржылоо | -1,0 | -1,0 | -0,6 | -0,6 | — |

* "Алып сатарлардын" соодасын жана Улуттук банктын жана УСК баа берүүлөрүн эске алуу менен

** Алдын ала маалыматтар

| 2012 | | | | 2013 | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | I | II | III | IV | |
| **-373,6** | **-347,6** | **-461,7** | **-492,2** | **-540,2** | **-491,2** | **-492,0** | **-160,8** | **Күндөлүк операциялардын эсеби** |
| -654,3 | -827,2 | -1008,2 | -1077,5 | -818,4 | -988,0 | -1076,2 | -749,1 | Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрү |
| -537,1 | -745,6 | -927,7 | -1000,2 | -749,1 | -948,5 | -1024,5 | -843,0 | Соода балансы* |
| 433,1 | 440,0 | 418,3 | 662,9 | 335,5 | 406,4 | 487,3 | 819,2 | Экспорт (ФОБ) |
| 253,0 | 296,5 | 303,6 | 273,1 | 187,4 | 250,3 | 326,7 | 261,6 | КМШ |
| 180,2 | 143,6 | 114,7 | 389,8 | 148,1 | 156,1 | 160,7 | 557,5 | Алыскы чет мамлекеттер |
| 970,3 | 1185,6 | 1346,0 | 1663,1 | 1084,6 | 1355,0 | 1511,8 | 1662,2 | Импорт (ФОБ) |
| 521,0 | 572,7 | 648,0 | 947,6 | 601,9 | 664,0 | 698,9 | 822,2 | КМШ |
| 449,3 | 612,9 | 698,0 | 715,5 | 482,7 | 690,9 | 813,0 | 839,9 | Алыскы чет мамлекеттер |
| -117,1 | -81,6 | -80,5 | -77,3 | -69,3 | -39,4 | -51,7 | 93,9 | Кызмат көрсөтүүлөр балансы |
| 198,3 | 208,7 | 275,9 | 283,6 | 170,4 | 247,4 | 294,2 | 330,6 | Көрсөтүлгөн кызматтар |
| -315,5 | -290,4 | -356,4 | -360,9 | -239,7 | -286,9 | -346,0 | -236,7 | Алынган кызматтар |
| -69,5 | -11,7 | -45,7 | -42,5 | -121,3 | -48,8 | -64,4 | -55,9 | Кирешелер |
| -53,4 | -1,6 | -20,4 | -35,4 | -102,0 | -38,4 | -49,1 | -37,2 | Тике инвестициялар боюнча кирешелер |
| — | — | — | — | — | — | — | — | Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер |
| -9,0 | -2,7 | -16,6 | -1,5 | -13,9 | -5,0 | -9,6 | -13,3 | Башка инвестициялар боюнча кирешелер |
| -11,4 | -7,8 | -18,7 | -8,9 | -19,7 | -9,3 | -13,0 | -16,8 | Кредиттер боюнча проценттер (график) |
| 2,4 | 5,1 | 2,1 | 7,4 | 5,9 | 4,3 | 3,3 | 3,5 | Башка инвест. ж.б. кирешелер |
| -7,1 | -7,4 | -8,7 | -5,7 | -5,5 | -5,5 | -5,7 | -5,3 | Эмгекке төлөөлөр |
| 350,2 | 491,4 | 592,2 | 627,8 | 399,6 | 545,6 | 648,7 | 644,1 | Күндөлүк трансферттер |
| **249,4** | **295,9** | **280,1** | **207,1** | **173,4** | **276,7** | **310,8** | **450,5** | **Капитал менен операциялардын жана финансы операцияларынын эсеби** |
| 22,0 | 23,0 | 34,9 | 86,2 | 17,1 | 206,6 | 22,6 | 34,1 | Капитал менен операциялардын счету |
| 22,0 | 23,0 | 34,9 | 86,2 | 17,1 | 206,6 | 22,6 | 34,1 | Капиталдык трансферттер |
| 227,4 | 272,9 | 245,1 | 120,9 | 156,4 | 70,0 | 288,3 | 416,4 | Финансы счету |
| 45,5 | 111,4 | 153,8 | -18,4 | 91,0 | 131,9 | 312,1 | 222,7 | Тике инвестициялар** |
| 5,6 | — | — | — | -4,0 | 6,4 | — | 2,5 | Портфелдик инвестициялар |
| -0,3 | 0,3 | — | -0,4 | -0,3 | 0,1 | -2,7 | 2,7 | Финансылык деривативдер |
| 176,5 | 161,2 | 91,2 | 139,7 | 69,7 | -68,3 | -21,1 | 188,5 | Башка инвестициялар |
| 52,8 | 137,8 | -76,6 | 24,1 | -66,2 | 8,9 | -105,9 | 50,2 | Активдер ("-"көбөйүү) |
| -23,3 | 26,5 | -48,5 | 37,1 | -7,7 | -39,2 | -69,1 | 34,4 | Коммерциялык банктар |
| 76,1 | 111,3 | -28,1 | -13,0 | -58,5 | 48,1 | -36,8 | 15,7 | Жана башка активдер |
| 123,7 | 23,3 | 167,9 | 115,6 | 135,9 | -77,2 | 84,8 | 138,3 | Милдеттенмелер ("+" көбөйүү) |
| 3,4 | 0,7 | 1,6 | 2,9 | 3,7 | 6,9 | 13,5 | 0,7 | Коммерциялык банктар |
| 90,8 | 4,6 | 152,4 | 105,7 | -7,3 | -63,9 | 66,1 | 185,9 | Кредиттер |
| 46,4 | 34,0 | 137,2 | 67,9 | 1,4 | -82,9 | 80,1 | 179,2 | Мамлекеттик секторго кредиттер |
| 53,7 | 48,0 | 144,6 | 131,1 | 9,7 | 120,2 | 87,8 | 195,5 | Алынганы |
| -7,3 | -13,9 | -7,5 | -63,2 | -8,3 | -203,1 | -7,8 | -16,3 | Амортизация (график) |
| 44,4 | -29,4 | 15,2 | 37,8 | -8,7 | 19,0 | -14,0 | 6,6 | Жеке секторго кредиттер |
| 101,7 | 42,4 | 62,7 | 128,9 | 44,4 | 133,8 | 118,5 | 89,9 | Алынганы |
| -57,2 | -71,7 | -47,4 | -91,1 | -53,0 | -114,7 | -132,6 | -83,2 | Амортизация (график) |
| 29,6 | 18,0 | 13,9 | 7,0 | 139,5 | -20,2 | 5,3 | -48,3 | Жана башка милдеттенмелер |
| **118,7** | **158,6** | **188,6** | **395,3** | **383,8** | **280,7** | **224,5** | **-128,7** | **Каталар жана калтырып кетүүлөр** |
| **-5,5** | **107,0** | **6,9** | **110,3** | **17,1** | **66,1** | **43,3** | **161,0** | **Жалпы баланс** |
| **5,5** | **-107,0** | **-6,9** | **-110,3** | **-17,1** | **-66,1** | **-43,3** | **-161,0** | **Каржылоо** |
| 14,1 | -106,5 | 1,4 | -109,5 | -13,1 | -65,6 | -38,4 | -160,3 | Улуттук банктын резервдери |
| -9,7 | -0,6 | -9,5 | -0,8 | -7,8 | -1,0 | -6,1 | -2,5 | ЭВФтин кредиттери |
| 1,1 | 0,4 | 1,2 | 0,3 | 3,8 | 0,4 | 1,2 | 1,8 | Өзгөчө каржылоо |
| — | -0,3 | — | -0,3 | — | — | — | — | Жана башка каржылоо |

МАЗМУНУ

## РЕАЛДУУ ЭФФЕКТИВДҮҮ АЛМАШУУ КУРСУ

2013-жылдын баш жагынан тартып сомдун номиналдык эффективдүү алмашуу курсунун индекси 1,2 пайызга көбөйүп, отчеттук жылдын акырына 112,1 пайызды түзгөн. Өсүш, сомдун 2012-жылдын акырына карата орточо курс менен салыштырганда, кароого алынган жылдын акырына орус рублине карата 3,2 пайызга, япон иенасына – 18,8 пайызга, түрк лирасына – 11,3 пайызга жана өзбек сумуна – 7,1 пайызга бекемделиши[13] менен шартталган. Ошону менен бирге эле, сомдун кытай юанына карата – 6,1 пайызга, АКШ долларына карата – 3,7 пайызга, казак теңгесине – 1,5 пайызга жана евросго карата – 8,0 пайызга нарксызданышы байкалган.

Отчеттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасында инфляция 4,0 пайызды түзгөн, ошол эле учурда негизги өнөктөш өлкөлөрдө инфляциянын орточо деңгээли 4,6 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн. Кыргыз Республикасында инфляциянын эң эле төмөн деңгээлде болушуна карабастан, номиналдык эффективдүү алмашуу курсунун индексинин бекемделиши реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексинин жогорулашын шарттаган, ал 2012-жылдан тартып 0,6 пайызга өсүп, 2013-жылдын акырына113,3 пайызды түзгөн.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЫШКЫ КАРЫЗЫ

2013-жылдын акырына номиналдык тышкы карыздын (алынган жана төлөнбөгөн) жалпы көлөмү 6 007,0 млн. АКШ долларын түзгөн, бул өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 15,8 пайызга жогору. Бул карыздын көлөмү төмөнкү мамлекеттик жана жеке секторлордун карыздары менен шартталган.

**7-график. Кыргыз Республикасынын жалпы тышкы карызынын түзүмү, мезгилдин акырына карата***

*млн.АКШ доллары жана жалпы тышкы карыздардан, пайыздарда*




* Улуттук банктын маалыматтары боюнча

– мамлекеттик тышкы карыз 3 157,7 млн. АКШ долларын түзгөн, бул чогуу алгандагы карыздын 52,6 пайызын түзөт. Мамлекеттик тышкы карыздын түзүмү расмий кредиторлор – ар тараптуу жана эки тараптуу донорлор алдындагы милдеттенмелер катары берилген;

– мамлекет тарабынан гарантияланбаган жеке сектордун карызы[14] 2 849,4 млн. АКШ долларын (чогуу алгандагы карыздын 47,4 пайызын) түзгөн.

2013-жылдын акырына карата абал боюнча республика төмөнкү негизги карыздык көрсөткүчтөр мүнөздөлөт:

– ИДӨгө карата номиналдык жалпы тышкы карыз – 83,3 пайыз;

– товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспортуна карата номиналдык жалпы тышкы карыз – 194,3 пайыз.

[13] Сомдун номиналдык эки тараптуу алмашуу курсу боюнча маалыматтар келтирилген, индексти эсептөө үчүн базалык мезгил катары 2000-жыл алынган.

[14] Улуттук Статистика комитетинин маалыматтары боюнча.

МАЗМУНУ

**8-график. Кыргыз Республикасынын жалпы тышкы карызы боюнча коэффициенттери***

*пайыздарда*




* Улуттук банктын эсептөөлөрү боюнча

## МАМЛЕКЕТТИК ТЫШКЫ КАРЫЗ

2013-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тышкы карызынын көлөмү 2012-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 5,5 пайызга көбөйгөн.

2013-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тышкы карызынын түзүмү мамлекеттик тышкы карыздын жалпы көлөмүнүн, тиешелүүлүгүнө жараша 51,6 жана 48,4 пайызын ээлеген, ар тараптуу жана эки тараптуу кредиторлор алдындагы карызы менен берилген.

2013-жыл жыйынтыгы боюнча ар тараптуу кредиторлор алдындагы мамлекеттик тышкы карыздын номиналдык көлөмү 52,1 млн. АКШ долларына көбөйүп, 1 629,7 млн. АКШ долларын түзгөн. Кыргыз Республикасынын ар тараптуу кредиторлору катары Дүйнөлүк банк, Азия өнүктүрүү банкы жана Эл аралык валюта фондусу, Ислам өнүктүрүү банкы, Реконструкциялоонун жана өнүктүрүүнүн Европа банкы жана башкалар сыяктуу, эл аралык финансы институттары саналат. Мында, акыркы беш жыл ичинде кредиторлор боюнча ар тараптуу карыздын түзүмү дээрлик өзгөргөн эмес: ар тараптуу

**9-график. Кыргыз Республикасынын ар тараптуу карыздарынын кредиторлор боюнча түзүмү, мезгилдин акырына карата***

*млн.АКШ доллары жана жалпы тышкы карыздардан, пайыздарда*




* Улуттук банктын маалыматтары боюнча

**10-график. Кыргыз Республикасынын эки тараптуу карыздарынын кредиторлор боюнча түзүмү, мезгилдин акырына карата**

*млн.АКШ доллары жана жалпы тышкы карыздардан, пайыздарда*




* Улуттук банктын маалыматтары боюнча

кредиттер боюнча карыздардын бардык көлөмүнүн 90,0 пайызынан ашыгы Дүйнөлүк банк, Азия өнүктүрүү банкы жана Эл аралык валюта фондусу алдындагы милдеттенмелерге туура келет.

Отчеттук жыл ичинде эки тараптуу кредиторлор алдындагы тышкы карыздын номиналдык көлөмү 113,7 млн. АКШ долларына көбөйүп, 1 527,9 млн. АКШ долларын түзгөн. Мындай карыздын 44,0 пайызы – 672,5 млн. АКШ доллары – Париж клубуна катышуучу өлкөлөргө туура келет.

Акыркы беш жыл ичинде эки тараптуу карыз түзүмүндө өзгөрүүлөр жүргөн. Эгерде 2009-жылы чогуу алганда эки тараптуу карыздын 71,6 пайызын ээлешкен Россия жана Япония Кыргыз Республикасынын негизги кредиторлордон болушса, 2013-жылдын акырына карата маалыматтар боюнча Кытай (эки тараптуу карыздын көлөмү 49,6 пайыз) ири кредитордон болгон. Россия Федерациясына жана Японияга эки тараптуу карыздын, тиешелүүлүгүнө жараша 26,6 жана 17,2 пайызы туура келет.

**11-график. Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын тармактар боюнча түзүмү, 2013-жылдын 31-декабрына карата**
*жыйынтыгына карата, пайыздарда*




* Улуттук банктын маалыматтары боюнча

11-графикте келтирилгендей, ар тараптуу жана эки тараптуу донорлордон келип түшкөн кредиттер, негизинен, экономиканын түзүмдүк өзгөртүүлөрдү каржылоого, инфраструктураны, финансы системасын, энергетиканы жана айыл чарбасын өнүктүрүүгө багытталган.

Мамлекеттик тышкы карыздын түзүмү финансылык шарттарга ылайык, жеңилдетилген займдар менен (төмөн пайыздык чендери жана төлөөнүн узак мөөнөтү)[15] берилген, алардын көлөмү жалпы көлөмдүн 98,4 пайызын ээлейт. Жеңилдетилбеген кредиттердин салыштырма салмагы анчалык көп эмес, алар 1,6 пайызды түзөт.

Кароого алынып жаткан жылдын акырына карата абал боюнча мамлекеттик тышкы карызынын көрсөткүчтөрү төмөнкүчө чагылдырылган:

– ИДӨгө карата номиналдык мамлекеттик тышкы карыз – 43,8 пайыз;

– товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортуна карата номиналдык мамлекеттик тышкы карыз – 102,2 пайыз.

**12-график. Мамлекеттик сектордун тышкы карызы боюнча коэффициенттери***
*пайыздарда*




* Улуттук банктын эсептөөлөрү

Карыздык каражаттардын мамлекеттик секторго таза агылып кирүүсү кароого алынып жаткан жыл ичинде 160,4 млн. АКШ долларына жеткен, бул

[15] Кыргыз Республикасы үчүн карыздын жеңилдетилиши кредит берүү мөөнөтүнө, колдонулган пайыздык ченге жараша болот жана грант-элемент эсептөөсүнөн улам аныкталат, ал кеминде 35,0 пайызды түзүүгө тийиш.



МАЗМУНУ

өткөн жылга караганда 29,3 пайызга көп. Россия алдында кечирилген карызды эске албаганда, 349,3 млн. АКШ доллар өлчөмүндө таза агылып кирүү байкалган.

Кредиттердин дүң агылып кирүүсү 413,2 млн. АКШ долларын түзгөн, анын ичинен 230,7 млн. АКШ доллар өлчөмүндөгү эң ири транш Кытайдын Экспорттук-импорттук банкынан энергетика секторун жана инфраструктураны өнүктүрүүгө багытталган долбоорлор боюнча келип түшкөн.

2013-жыл ичинде мамлекеттик тышкы карыз боюнча тейлөө 95,1 млн. АКШ долларын түзгөн.

## ЖЕКЕ ТЫШКЫ КАРЫЗ

2013-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча мамлекет тарабынан гарантияланбаган жеке тышкы карыздын көлөмү 2012-жылдын акырына карата ушул эле көрсөткүчкө салыштырмалуу 29,7 пайызга көбөйүп, 2 849,4 млн. АКШ долларын түзгөн.

**13-график. Жеке тышкы карыздын өлкөлөр боюнча бөлүштүрүлүшү, 2013-жылдын 31-декабрына карата**
*жалпы жеке тышкы карыздардан, пайыздарда*




* УСКнын маалыматтарынын негизинде

2013-жылдын акырына карата абал боюнча жеке тышкы карыздын көрсөткүчтөрү төмөнкүчө бөлүштүрүлгөн:

– ИДӨгө карата номиналдык жеке тышкы карыз – 39,5 пайыз;

– товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортуна карата номиналдык жеке тышкы карыз – 92,2 пайыз.

Жеке тышкы карыздын түзүмү тике жана башка чет өлкөлүк инвесторлордон алынган кредиттер менен берилген, алардын көлөмү тиешелүүлүгүнө жараша 1 437,6 млн. АКШ долларын жана 1 411,8 млн. АКШ долларын түзөт.

Жеке сектордун эң ири кредиторунан болуп Кытай (756,9 млн. АКШ доллары), Улуу Британия (430,0 млн. АКШ доллары), Россия (240,0 млн. АКШ доллары), Казакстан (199,1 млн. АКШ доллары) жана Канада (127,8 млн. АКШ доллары) саналат.

2013-жылы жеке сектордун карыздык каражаттарынын таза келип түшүүсү 541,6 млн. АКШ долларын түзгөн, бул мурдагы жылдын ушул эле көрсөткүчүнөн 2,2 эсеге көп. Жеке секторго тышкы кредиттердин дүң агылып кирүүсү 1 054,8 млн. АКШ доллары чегине түптөлгөн, негизги карызды тейлөө боюнча төлөмдөрдүн көлөмү 513,2 млн. АКШ доллары чегинде калыптанган.

МАЗМУНУ

## 18-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызы

| | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|
| Бир мезгилдин акырына карата ДТК *(млн. АКШ доллары)* | 4 823,2 | 4 855,4 | 5 389,8 | 5 876,1 | 6 765,2 |
| Бир мезгилдин акырына карата ЖТК *(млн. АКШ доллары)* | 3 947,0 | 4 239,8 | 4 753,9 | 5 189,5 | 6 007,0 |
| Бир мезгилдин акырына карата ЖТК ИДПга карата *(пайыздар)* [1] | 84,6 | 88,7 | 80,0 | 80,2 | 83,3 |
| ЖТКны тейлөө коэффициенти товарлар жана кызмат көрсөтүү экспортуна карата *(пайыздар)* [2] | 169,3 | 178,2 | 152,0 | 177,7 | 194,3 |
| ЖТК боюнча төлөм графиги *(млн. АКШ доллары)* [3] | 1 035,6 | 617,5 | 346,6 | 605,0 | 636,6 |
| ЖТКны иш жүзүндө тейлөө *(млн. АКШ доллары)* | 1 028,3 | 582,5 | 346,4 | 602,0 | 631,0 |
| ЖТКны тейлөө коэффициенти товарлар жана кызмат көрсөтүү экспортуна карата *(пайыздар)* | | | | | |
| - график боюнча | 44,4 | 26,0 | 11,1 | 20,7 | 20,6 |
| - иш жүзүндө | 44,1 | 24,5 | 11,1 | 20,6 | 20,4 |
| Бир мезгилдин акырына карата МТК *(млн. АКШ долл.)* | 2 502,9 | 2 646,0 | 2 825,9 | 2 992,0 | 3 157,7 |
| Бир мезгилдин акырына карата МТК ИПДга *(процент м-н)* [1] | 53,7 | 55,4 | 47,5 | 46,3 | 43,8 |
| Бир мезгилдин акырына карата МТК товарлар жана кызмат көрсөтүү экспортуна карата *(проценти м-н)* [2] | 107,3 | 111,2 | 90,4 | 102,4 | 102,2 |
| МТК боюнча тейлөөлөрдүн графиги[3] *(млн. АКШ долл.)* | 85,4 | 92,0 | 97,9 | 97,9 | 100,6 |
| МТКнын анык тейлөөнүшү *(экспортко процент м-н)* | 83,1 | 91,1 | 96,5 | 94,9 | 95,1 |
| МТКнын тейлөө коэффициенти *(экспортко процент м-н)* | | | | | |
| - график боюнча | 3,7 | 3,9 | 3,1 | 3,4 | 3,3 |
| - иш жүзүндө тейлөөнгөнү | 3,6 | 3,8 | 3,1 | 3,3 | 3,1 |
| Бир мезгилдин акырына карата Жеке ТК *(млн. АКШ доллары)* | 1 444,1 | 1 593,7 | 1 928,1 | 2 197,5 | 2 849,4 |
| Бир мезгилдин акырына карата Жеке ТК ИДПга карата *(пайыздар)* | 31,0 | 33,4 | 32,4 | 34,0 | 39,5 |
| Жеке ТКны тейлөө коэффициенти товарлар жана кызмат көрсөтүү экспортуна карата *(пайыздар)* | 61,9 | 67,0 | 61,7 | 75,2 | 92,2 |
| Жеке ТКны иш жүзүндө тейлөө *(млн. АКШ доллары)* | 945,2 | 491,5 | 249,9 | 507,0 | 535,9 |
| Жеке ТКны тейлөө коэффициенти товарлар жана кызмат көрсөтүү экспортуна карата *(пайыздар)* | 40,5 | 20,7 | 8,0 | 17,4 | 17,3 |

[1] алдын-ала жылдык ИДПга карата

[2] товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн алдын-ала жылдык экспортуна карата

[3] негизги суммаларга жана пайыздарга тиешелүү төлөмдөрдү камтыйт

* 2011-жылдын 26-июлундагы №138 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана мамлекеттик эмес карызы жөнүндө" мыйзамына толуктоолорду киргизүү тууралуу" мыйзамы кабыл алынгандыгына байланыштуу ДТК боюнча 2007-жылдан 2011-жылга чейинки маалыматтар кайра каралып чыккан

МАЗМУНУ

## 19-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын кредиторлордун түрү боюнча түзүмү

*(бир мезгилдин акырына карата абал боюнча)*

| | 2009 | | 2010 | | 2011 | | 2012 | | 2013 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | *млн. АКШ долл.* | *жый. карата пайыз-да* | *млн. АКШ долл.* | *жый. карата пайыз-да* | *млн. АКШ долл.* | *жый. карата пайыз-да* | *млн. АКШ долл.* | *жый. карата пайыз-да* | *млн. АКШ долл.* | *жый. карата пайыз-да* |
| **Жалпы тышкы карыз (I+II)** | **3 947,0** | **100,0** | **4 239,8** | **100,0** | **4 753,9** | **100,0** | **5 189,5** | **100,0** | **6 007,0** | **100,0** |
| **I. Мамлекеттик ж-а мамлекет тарабынан гарантияланган карыз** | **2 502,9** | **63,4** | **2 646,0** | **62,4** | **2 825,9** | **59,4** | **2 992,0** | **57,7** | **3 157,7** | **52,6** |
| **I.1 Көп тараптуу карыз**[1] | 1 490,8 | 37,8 | 1 486,9 | 35,1 | 1 545,0 | 32,5 | 1 577,7 | 30,4 | 1 629,7 | 27,1 |
| ЭВФ | 167,1 | 4,2 | 176,2 | 4,2 | 181,8 | 3,8 | 190,5 | 3,7 | 202,7 | 3,4 |
| Дүйнөлүк банк | 656,0 | 16,6 | 649,2 | 15,3 | 660,4 | 13,9 | 675,0 | 13,0 | 697,1 | 11,6 |
| Реконструкциялоо жана өнүктүрүүнүн Европа банкы | 2,1 | 0,1 | 5,3 | 0,1 | 16,0 | 0,3 | 32,1 | 0,6 | 40,1 | 0,7 |
| Азия өнүктүрүү банкы | 610,1 | 15,5 | 590,7 | 13,9 | 609,7 | 12,8 | 601,9 | 11,6 | 607,5 | 10,1 |
| Ислам өнүктүрүү банкы | 34,9 | 0,9 | 46,6 | 1,1 | 59,9 | 1,3 | 61,9 | 1,2 | 63,3 | 1,1 |
| Айыл чарбасын өнүктүрүүнүн эл аралык фонду | 10,1 | 0,3 | 9,6 | 0,2 | 9,2 | 0,2 | 8,9 | 0,2 | 9,0 | 0,1 |
| ОПЕК | 3,5 | 0,1 | 2,7 | 0,1 | 2,0 | — | 1,3 | — | 3,9 | — |
| Өнүгүүнүн Түндүк фонду | 6,9 | 0,2 | 6,6 | 0,2 | 5,9 | 0,1 | 5,9 | 0,1 | 6,1 | 0,1 |
| **I.2 Эки тараптуу карыз** | 1 011,8 | 25,6 | 1 159,1 | 27,3 | 1 280,7 | 26,9 | 1 414,2 | 27,3 | 1 527,9 | 25,4 |
| **I.2.1 КМШ өлкөлөрү** | 493,6 | 12,5 | 505,1 | 11,9 | 490,5 | 10,3 | 489,0 | 9,4 | 300,0 | 5,0 |
| Россия[2] | 493,6 | 12,5 | 505,1 | 11,9 | 490,3 | 10,3 | 488,9 | 9,4 | 300,0 | 5,0 |
| Беларусь | — | — | — | — | 0,1 | — | 0,1 | — | — | — |
| **I.2.2 Башка өлкөлөр** | 518,2 | 13,1 | 654,0 | 15,4 | 790,4 | 16,6 | 925,3 | 17,8 | 1 227,9 | 20,4 |
| Түркия | 49,8 | 1,3 | 49,5 | 1,2 | 49,2 | 1,0 | 10,0 | 0,2 | 70,5 | 1,2 |
| Япония[2] | 302,5 | 7,7 | 344,8 | 8,1 | 361,0 | 7,6 | 280,4 | 5,4 | 263,1 | 4,4 |
| Германия[2] | 76,8 | 1,9 | 68,6 | 1,6 | 70,6 | 1,5 | 81,5 | 1,6 | 100,3 | 1,7 |
| Кытай | 46,8 | 1,2 | 150,8 | 3,6 | 272,6 | 5,7 | 527,3 | 10,2 | 758,1 | 12,6 |
| Франция[2] | 6,4 | 0,2 | 5,9 | 0,1 | 5,6 | 0,1 | 5,8 | 0,1 | 5,8 | 0,1 |
| Кувейт фонду | 17,9 | 0,5 | 16,1 | 0,4 | 13,3 | 0,3 | 0,4 | — | 7,1 | 0,1 |
| Корея | 14,6 | 0,4 | 15,0 | 0,4 | 14,8 | 0,3 | 16,4 | 0,3 | 17,4 | 0,3 |
| Дания[2] | 3,4 | 0,1 | 3,3 | 0,1 | 3,3 | 0,1 | 3,3 | 0,1 | 3,3 | 0,1 |
| Сауд Аравиясы | — | — | — | — | — | — | 0,2 | — | 1,3 | — |
| БАЭ | — | — | — | — | — | — | — | — | 1,1 | — |
| **I.3 Мамлекет тарабынан гарантияланган карыз** | 0,3 | — | — | — | — | — | — | — | — | — |
| **II. Гарантияланбаган карыз*** | **1 444,1** | **36,6** | **1 593,7** | **37,6** | **1 928,1** | **40,6** | **2 197,5** | **42,3** | **2 849,4** | **47,4** |

[1] эларалык финансы институттарын кошо алганда, көп тараптуу негизде иш алып баруучу кредиторлор

[2] Париж Клубуна катышуучу өлкөлөр

* 2011-жылдын 26-июлунда №138 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана мамлекеттик эмес карызы жөнүндө" мыйзамына толуктоолорду киргизүү тууралуу" мыйзамы кабыл алынгандыгына байланыштуу ДТК боюнча 2007-жылдан 2011-жылга чейинки маалыматтар кайра каралып чыккан





МАЗМУНУ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛ АРАЛЫК ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ПОЗИЦИЯСЫ

2013-жыл жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестициялык позициясы 5 158,1 млн. АКШ доллар деңгээлинде терс калыптанган, бул өлкөнүн тышкы дүйнө алдында милдеттенмелеринин колдо болгон чет өлкө активдеринен артышы менен шартталган.

**14-график. ЭИПнын динамикасы**

*млн. АКШ доллары, жылдын соңуна карата*




2013-жылдын акырына карата өлкөнүн чет өлкө активдери 3 589,2 млн. АКШ доллар өлчөмүндө түптөлгөн, бул 2012-жылдын ушул эле көрсөткүчүнөн 3,6 пайызга төмөн. Бул төмөндөө, эң башкысы, операциялардын жүзөгө ашырылышынын натыйжасында жана чет өлкө активдерине баалардын өзгөрүшү менен шартталган. Активдердин түзүмүндө тике инвестициялардын 55,8 пайызга (320,4 млн. АКШ долларына чейин) кыскарышы белгиленген. Бул тенденция Centerra Gold Inc. акцияларына баанын төмөндөшү менен түшүндүрүлөт, анда Кыргыз Республикасы ири акционерлердин бири болуп эсептелинет. Мындай төмөндөө белгилүү бир деңгээлде "башка инвестициялар" жана Улуттук банктын камдык активдери боюнча операцияларынын эсебинен көбөйүшү менен компенсацияланган.

2013-жылы "башка инвестициялар" боюнча запастар операциялар эсебинен 112,7 млн. АКШ долларына көбөйгөн. "Башка инвестициялар" түзүмүндө нак акча жана депозиттер түрүндө активдер боюнча операциялардын эсебинен өсүш белгиленген, ошол эле учурда 2012-жылы 139,9 млн. АКШ долларына төмөндөө байкалган. Соода кредиттеринин өсүшү 42,6 млн. АКШ долларын түзгөн.

2013-жылы Улуттук банктын камдык активдеринин көлөмү 172,4 млн. АКШ долларына көбөйгөн, мындай көбөйүү негизинен, ишке ашырылган операциялардын эсебинен жүргөн. Камдык активдер түзүмүндө депозиттердин жана чет өлкөлүк баалуу кагаздардын кыйла өсүшү белгиленген.

2013-жылдын акырына карата тышкы финансылык милдеттенмелер көлөмү 8 747,2 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2012-жылдын ушул эле көрсөткүчүнөн 15,3 пайызга жогору. Негизинен өсүш, операциялардын жүзөгө ашырылышынын натыйжасында келип чыккан өзгөрүүлөр менен шартталган (өсүш 1 021,4 млн. АКШ доллары). Милдеттенмелер түзүмүндө тике чет өлкө инвестициялары жана "башка инвестициялар" боюнча олуттуу көбөйүү белгиленген.

"Тике инвестициялар" статьясы боюнча запастар 29,9 пайызга көбөйүп, 2013-жылдын акырына карата 3 472,6 млн. АКШ долларын түзгөн. Өсүш, эң башкысы операциялардын жүзөгө ашырылышынын эсебинен жүргөн өзгөрүүлөр менен шартталган (757,6 млн. АКШ долларына көбөйүү).

Резидент эместердин "башка инвестицияларынын" запастары 2013-жылдын акырына карата 5 265,9 млн. АКШ долларын түзгөн, бул алардын 2012-жылдын акырындагы деңгээлинен 7,3 пайызга жогору. "Башка инвестициялар" түзүмүндө көпчүлүк өзгөрүүлөр мамлекеттик секторго берилген кредиттерге, ошондой эле соода кредиттерине туура келет.

Алсак, 2013-жыл жыйынтыгы боюнча мамлекеттик башкаруу секторунун кредиттери боюнча милдеттенмелер негизинен, жаңы кредиттерди тартуунун эсебинен 3 077,0 млн. АКШ долларына чейин көбөйгөн. 2013-жылдын акырына карата соода кредиттеринин көлөмү 457,8 млн. АКШ долларына чейин өскөн. Отчеттук мезгил ичинде жеке сектордун кредиттери боюнча милдеттенмелердин өсүшүнүн басаңдоосу байкалган, бул мурда алынган кредиттер боюнча төлөөлөр менен шартталган.

МАЗМУНУ

**20-таблица. 2013-жылдын 1-январына жана 2014-жылдын 1-январына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестицияларынын балансы**
*(млн. АКШ долларында)*

